Скырг
К 95

Атыргул Кутманова

# МЕН ЧАТКАЛДЫН КЫЗЫМЫН



УДК 821.512.154-4
ББК 84(5Кир)-5
К 72

Кутманова А.
К 72 **Мен Чаткалдын кызымын**: *Ырлар*. – Б.: «Улуу Тоолор», 2025. – 156 б.

ISBN 978-9967-487-664-5

Бул китепке жан дүйнөгө тынчтык бербеген мекенине, балдарына, туугaн урунга арналган ырлар кирди. Ар бир окурманын кайдыгер калтырбайт деп баса белгилеп сиздерге сунуштап турган кезибиз.

УДК 821.512.154-4
ББК 84(5Кир)-5

ISBN 978-9967-487-664-5

© Кутманова А., 2025.



## БАШ СӨЗ

Кутманова Атыргүлдүн ырларын окуп билүү мен үчүн өтө маанилүү болду. Мындан беш алты жыл илгери акын кыздын ырларын окуп көрүп калчу элем.

Азыркы биздин колубуздагы китебиндеги ырлар жыйнагын барактап отуруп көптөгөн ырларын көрүп, элге өтөгөн эмгектери менен таанышып алдым. Мугалимдик кесипти аркалап жүрсө да, кесиби математика мугалими болсо да жараткан берген көп кырдуу талант ээси экенин көрүүгө болот,

Атыргүл негизи талыкпастан, колунан калемсабы түшпөстөн көп жылдан бери ыр жазуу менен алектенип келет. Кыргыз адабиятына талыкпай, тажабай колдон келген талантын көңүл сыртына калтырбастан эриш-аркак мугалимдикти, акындыкты тең салмакта алып келе жатканы талыкпаган эмгегинин жемиши эмеспи.

А түгүл мектептеги үзүрлүү эмгеги бааланып 2017-жылы «Жылдызды карай « деген документалдуу фильмге тартылган. 2020-жылы Азаттыкта «Дүйнөгө аты чыккан Чаткалдык мугалим» деген киного сюжетке тартылып Ютуб каналдарына да чыккан жайы бар. 2022- жылы «Элдик мугалим улуттун сыймыгы» аттуу сыйлыктын лауреаты болгон. Тээ Грузия өлкөсүнө да бекер жолдомо берилип саякаттап келген.

Отуз бир жылдан бери мугалимдик кесипти аркалап жүрсө да акындык дараметин сынап ыр жазууга кызыкдар болуп Поэзия бакчасындагы акындар чөйрөсүнө аралашып жүргөнү өтө кубанаарлык иш эмеспи. Акын болом

дегендин баары эле, колуна калемсап кармагандар эле ыр жазып акын болуп кетиши мүмкүн эмес чындыгында.

Атыргүлдүн талантын, көөдөндөгү эргүүлөрү тынчтык бербей такшалтты десек жаңылышпайбыз.

Ар кандай темада, түрдүү жанрда ыр жазып келгенин анын ырларынан окуп көрүп билүүгө боллорун, китепти колго алып окуган окурман түшүнө билет деген ишеничим мол .

Баардык акындар сыяктуу эле ата-энесине арнаган ырлары, мекенине, эли-жерине деген баа жеткис арзуусу ар бир ыр саптарында кашкайып көрүнүп турат.

Үй-бүлөсүнө болгон сүйүүсү, сый-урматы, уул-кыздарына, бир туугандарына, дос-жарларына арналган ырлары айдан ачык тастыктап турат.

Сөзүбүз куру болбосун, анда бир эки сап ырларынан окуп да көрөлү ...

Атакем бар экенде билбегенмин,  
Эркелеп атакеме эрденгенмин.  
Ак сакалы жайкалып төрдө отурса,  
«Өлбөйт атам менин» - деп ойлогонмун.

Балдай таттуу балалык кезинде атасынын кучагында эркелеп, эч нерседен кам жебей чоңойгонун, балалыктын бактылуу баа жеткис күндөрүндөгү кыялында «атакем эч өлбөйт» деп жүргөнүн төрт сапка батырып оюн айта алганында.

Ойногомун кыздар менен жарышып,  
Топту тээп чимирилип алышып.  
Элесиме элес берет жаштыгым,  
Көөдөнүмдө жомок болду арман ай,  
Эстегенде жүрөк кетет сайышып.





Жарыкта чырак менен издеген чындык сындуу балалыктын багынан адашкан бал челектен да таттуу кезди төрт сапка батырганынын өзү акындык талант экендигине ынандым.

Чалкыган Чаткалдын сулуулугу, көркөм жайлоосу, таза абасы табигаттын кооздугун акын кыз толкундануу менен жазганын ыр саптарынан көрүүгө болот.

Бийик тоом, Чаткал төрүм мелжиген,  
Ак булуттар көктү карай ээрчиген.  
Арча, кайың тоо бетине көрк берип,  
Тоо- ташына сүрөттөй кооз чегилген.

Чатыр тигип, тоо этектеп малчылар,  
Үй сааганы чыгат жапырт саанчылар.  
Чаткал төрүм чалкып жаткан кенен жер,  
Чакырамын келгиле бизге баарыңар.

Кеменгер жер Чаткалды мактаган Чаткалдык акындардын сап башында турат Атыргүл.

Элин жерин жанындай көрүп эбегейсиз чоoң эмгегин арнаган Чаткалдын патриот кызына чыгармачылык ийгилик, ийгилик жана ийгилик каалап , келечектеги акын жазуучулардын катарын толуктайт деген изги тилектемин, чыгармачылыктын катаал ак жолунда ак жолуң ачылсын, чарчабастан алга баса бер.

Көптү үмүттөндүргөн өнөрлүү кыз талантың ташкындай берсин!

***Маметова Зуурабү Алимбековна*** – *журналисттер союзунун мүчөсү, акын , жазуучу, котормочу, прозаик.*

*Атам Тургунаалы Кутмановдун*
*жаркын элесине арнайм.*

## АТАКЕМЕ

*(Кутманов Тургуналыга)*

Атакем бар болгондо билбегенмин,
Эркелеп ал кишиге эрденгенмин.
Ак сакалын жайкалтып төрдө отурса,
«Өлбөйт» – деп мен ичимден ойлогонмун.

Табылгыс адамдан мен ажырагам,
Жүрөгүм бырча-бырча жараланган.
Ала-Тоодой бел болгон ошол адам,
Оо дүйнөдө бейиштен орун алган.

Атакем ашыкча сөз сүйлөбөгөн,
Өз оокат тирилиги менен күймөлөнгөн,
Уулдары, кыздарына насаат айтып,
Апкаарып бирөөгө да үндөбөгөн.

Сый эле тууган-урук баарысына,
Сый-урмат кыла берчү карысына.
Ийилип окуучу эле беш маал намаз,
Дубасын бере берчү барганыңда.

Атакем ач көз болуп сугунбаган,
Таарынып бир да сөзүн угузбаган.
Жашоодо бардыгына топук кылып,
Дүнүйө деп байлык үчүн умтулбаган.





Уулдары да намасына бек болушту,
Атакем оюн айтса тек коюшту.
Кыздарга жаман айтпай эркелетип,
Мээримине атакемдин бек тоюшту.

Уулдан урмат, кыздардан сый көрүштү,
Энекем экөөсү баарыбызга тең бөлүштү.
Жашоонун жадыраган жакшы нугун,
Жамгыр болуп тамчыланып төгүштү.

Уул-кыздардан неберелер көрүштү,
Урмат- сыйды биргеликте бөлүштү.
Кыздан көрүп чебере...
Эркелетип беттеринен өбүштү.

Токсон эки жашты жашап атакем,
Кош айтышып кете берди оо дүйнө.
Жаткан жери жайлуу болсун эми деп,
Бейишинен бергенине ишенем.



## МУГАЛИМДЕР-БААРДЫГЫНЫН БАШЧЫСЫ

Курска келдик мугалимдер окуган,
Дилбар эже билим берип окуткан.
Жогорулап билимибиз күндөлүк,
Биз мугалим ар тараптуу окурман.

21-кылым мугалимдер өнүккөн,
Жөпжөнөкөй мугалими көрүнгөн.
Ал боорукер, жаратманы дүйнөнүн,
Балдарга да билиминен көрүнгөн.

Математика өнүктүрүп балдарды,
Тапкычтыкка үйрөтүшөт далайды.
Компьютерден көндүмдөрдү үйрөнүп,
Өзгөртүшөт керек болсо ааламды.

Келгин курбум үйрөтөлү билгенди,
Турмуш менен айкалышып ийгенди.
Татаал турмуш үйрөнүшүп эсебин,
Сен, мен үчүн бөлчөк болуп тийгенди.

Математика-бул өмүрдүн ачкычы,
Теребелге тиет дайым баскычы.
Көрөңгөсүн тамырлатып байырлап,
Кесиптердин бул төбөлү башчысы.





## ӨМҮР ӨТӨТ

Арт жагына кылчайбастан өмүрүң,
Тоо-түзүңдө уйгу-туйгу көңүлүң.
Чабарманды чаап кел деп жөнөтсөң,
Чаппаймын -дейт кайда калды акылың?..

Кыя жолдон кыйгачтайсың шашылып,
Өмүр өтөт, күндөр өтөт ашыгып.
Аттын башын бура коюп токтотсоң,
Өтпөй турсун бир саамга ташылып.

Өмүр чыкты жол боюна катылып,
«Тез жүр» – деп өйдө-төмөн шашылып.
Ой оңбогур, toktoй турчу аз күнгө,
Өмүр өтүп бара жатат ашыгып.

Өмүр учту, тоо кушуна калкалап,
Тездигинен жетет эми талкалап.
Канат кагып, каалгып учуп баратат,
Бир саамга карматбастан арылап.

Тээ кыялың көктө учуп баратат,
Ар бир күнүң жакшылыкты саматат.
Ээй адамдар Алла берген өмүрүң,
Ченеп бүткөн сууң бүтсө такталат.

## КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жаңы жылым жайым келип сурагын,
Жай баракат шашпай келип улагын.
Аяз ата күтөт сени балдар да,
Эске сактап жүрсүн бала курагын.

Мусулманга майрам эмес билебиз,
Ушул күндү келсе экен деп тилейбиз.
Шаан-шөкөттүү жаңы жылым келди деп,
Ырлар ырдап, түркүн бийди бийлейбиз.

Жалтырактар жамынышып арчаны,
Кыздар кием кызыл-сары барчаны.
Аяз ата белек-бечкек таратып,
Сүйүндүрөт жыл жаңыртып канчаны.

Эх жаңы жыл... күттүрбөчү баарысын,
Аттуу - баштуу, акыл - баштуу карысын.
Жаңы жылда майрамдайлы жасанып,
Ак дасторкон кенен болуп жайылсын.

Жаңы- жылым канга сиңген майрамсың,
Карап көрчү жаңы жылдын сайранын.
Сыйкыр күчүң баарыбызды сүйүнтөт,
Кел жаңы жыл келип калчы кайдасың?..





## ЫР ДАГЫ БОЛСО БЕЛЕГИМ

*(Кымбатым апамдын туулган күнү бүгүн, апакем сизге арзыбаган белегим болсун)*

Алтын апам угуп турчу балаңды,
Бир жылмайып ишке салдым каламды.
Бүгүнкү күн өзгөчө бир күн белем,
Карасаңыз бактылуу бир адамды.

Бүгүн менин апакемдин майрамы,
Туулган күнү жылда өтчү кыштагы.
Куттуктоолор асыл сөздөр айтылып,
Биздин үйдө күлкү бүгүн жайдары.

Ыраазымын апа сизге миңден - миң,
Сиз аркылуу дүйнө таанып билгенмин.
Талыкпаган эмгегиңиз аркылуу,
Өнүп өсүп адам болуп иргелдим.

Азап тартсам көздөн агып ачуу жаш,
Бир өзүңдөй мага эч ким жашыбас.
Балаң үчүн жасап жаткан мээнетке,
Бүтүн дүйнө, бүтүн аалам татыбас.

Ар перзенттин балалыгын жыттаган,
Чарчаса да алдей ырын ырдаган.
Бир үшкүрбөй канчалаган азапка,
Чындыгында «апа» экен чыдаган.

Күлүп жүрчү апакебай ар дайым,
Күлкүңүздөн термелсинчи ак кайын.
Сиз күлгөндө дүйнө кетет өзгөрүп,
Себеби сиз, кыш чилдеде жаз айым.

Үч кыз, бир уул менин апам төрөгөн,
Апа сиздей асыл затты көрбөгөм.
Аял болуп отуз бешке кирсем да,
Жаш баладай жалгыз сизге жөлөнөм.

Туулган күнүң куттуу болсун апаке,
Бүгүн сизге ыр арнадым мынаке.
Перзентиңдин түйшүгүнө чыдаган,
Апалардын улуулугу ырас ээ?!

Көрүп калсам чачыңыздын ак жерин,
Жаным сыздап жашка толот карегим.
Баса албаган жан болсом да апаке,
Аман болсом сөзсүз тиет керегим.

Биз деп жүрүп кыйналгансыз билемин,
Бул ыр саптар арзыбаган белегим.
Узун өмүр, чың ден-соолук, бак таалай,
Болсун апа ушул менин тилегим.

*Автор кызыңыз:*

*НАРГИЗА АБДЫМИТАЛИП КЫЗЫ*





## КАБЫЛ БОЛСУН ОРОЗОҢ

Салам достор! кабыл болсун Орозоң,
Туткан болсоң Аллах өзү колдосун.
Отуз күнү ооз бекитип, ооз ачып,
Жакшылыктар жалындасын жолдосун.

Рамазан баарыңарга кут болсун,
Ак ниеттер, жакшылыктар коштолсун.
Ниети таза ыйман нуру себелеп,
Жамандыктар арууланып жок болсун.

Ынтымактар толгон болсун үйүңө,
Күндө кирсин ырыс-кешик төрүңө.
Ыйман нурдун эшиктери ачылып,
Чачыласын чачкан болсун соңунда.

Адам пейли Кудай каалап оңолсун,
Ак бешикте алдей бөпөм чоңойсун,
Кудай берген кудурети ошондо,
Ооз ачканда тилектер кабыл болсун.

Адамдардан күнөө качып кутулсун,
Отуз күндүк Орозолор тутулсун.
Кабыл болуп туткан болсоң Орозоң,
Кара өзгөйлүк, жаман илдет куулсун.

Оо жараткан сага баарын тапшырдым,
Көңүл коюп, айтып алып батырдым.
Кабыл болсун отуз күндүк Орозоң,
Айткан сөзүм ар бириңе калтырдым.

## КУДАЙЫМА ЖӨН КОЙОЛУ

Бардык адам билгичсиңер акылдуу,
Өзүң үчүн намаз окуу акылуу.
Күдөрүңдөн күлүп жүрүп өткүлө,
Бололучу ар бирибиз эң барктуу.

Күндөр өтсө сүйүнбөйлү ар убак,
Намаз оку андан көрү беш убак.
Күндөн-күнгө жакындагын кудайга.
Шоола тийсин сага, мага күнчубак.

Он эки айда бир келет Рамазан,
Кечиримдүү бололу ар бир адам.
Дилибизди тазартып кудай жолго,
Жакын болсун баскандагы ар бир кадам.

Көрө албастык күчөгөн адамзатта,
Күнөө болот ошону билген чакта.
Көңүлүңдү кенен кыл шайыр-шатман,
Оо дүйнөдө жүргүнүң бейиш бакта.

Оо жараткан !...пендебиз кам сүт ичкен,
Таарынышып жүрөбүз дагы ичтен.
Келгилечи пейилди оңдойлучу,
Баар табалы баарыбыз адал иштен.

Жеп ичпейли кол салып арам тамак,
Жеген болсо ошолор абдан акмак.
Төрт кабат куруп салган үйлөрүңдү,
Кирбестен кулптап койсо кимге жакмак.





Келгилечи жакшылап ойлонолу,
Колго алып баарыбыз толгонолу.
Отуз күндүк Орозо тутуп коюп,
Кечиргенди Кудайыма жөн койолу.



## МЫСКАЛ ДЫНЫСТАНОВА ЭЖЕКЕ

Мыскал эже, туура айттыңыз чындыкты,
Адамдар ойлонбой сүйлөйт ушакты.
Көзүнө көзүң түшүп калса заматта,
Көздөрүн ала качып калат да.
Кимге кызык бирөөлөрдүн турмушу,
Кимге кызык алга жылган укмушу,
Таң каламын кирише берсе ишине,
Кызыгып калба байлыгын көрүп кишиге.

Турмуш өзү чегилген сынык араба,
Тескери жолго билбестен аны айдаба.
Жылдыздарга колуң жетип турса да,
Жакшы деген көзү ачыктын көзү эле.
Биримдикке келип турсун жакшылык,
Баарыбызда болсо экен барчылык.
Эжекем насаатын айтып жакшылап,
Жазып койду уккула деп акылын.
Сизге дайым калаарыбыз ден соолук,
Кучактарга турсун дайым гүл толуп







## ӨТСӨМ МАКУЛ АТЫРГҮЛДҮН ЫШКЫНДА

*(Акылбек Жолдошовдон)*

Атыргүлдөр, ооба жыты буркурайт,
Ак, кызылы, баары бирдей кулпурат.
Атыргүлдү көрсөм эле тыбырап,
Жүрөк чиркин, туйлайт дагы булкунат.

Атыргүлдөр өзгөчөсүн, башкасын,
Атыргүлдөр, түнкүсүн да тазасың.
Жарыктыкта Атыргүлдөр бар үчүн,
Атыргүлдөр аалам көркүн ачасың.

Атыргүлдөр гүлдөсүн жазда, кышында,
Дүйнө көркү Атыргүлдө ушунда.
Мен өмүрдө акыркы дем чыкканча,
Өтсөм мейли Атыргүлдүн ышкында.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487807



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

## ООБА ДЕСЕҢ

Ооба, ооба «Заман» кайра ачылды,
Ыр чачыла ортобузга чачылды.
Тамара эжем жакшы маанай жаратып,
Кубанышып элдин жарпы жазылды.

Атиргүл айым «картайдым» – деп айтпаңыз,
Улгайууга али эрте шашпаңыз.
Акындарда жүрөк такыр карыбайт,
Жап-жашмын - деп, сүйүү ырын жазсаңыз.

Атиргүл деген мен үчүн абдан ыйык ат,
Түбөлүккө көкүрөктө сакталат.
Бул атты уксам жүрөк кургур солк этет,
Өз ичимен айтып алам кайталап.

Жан сырымды айтып сизге берейин,
Тээ балалык жаштыгыма келейин.
Атиргүл - деген тун сүйүүм болгон бир кезде,
Атиргүл айым, эми сизге не дейин?

Дале сулуу кыз сыныңыз кете элек,
Атың уксам, аптыгамын энтелеп,
Жашап келем, үмүт үзбөй дагы эле,
Оо жараткан!... Атиргүлдөн берсе-деп.

*АКЫЛБЕК ЖОЛДОШОВ*





## МЕН БАШКА АТЫРГҮЛ

Акылбек сизге сунам ырымды,
Чын эле деп айттыңыз чын сырыңды.
Атым окшош, бирок затым башкадыр,
Кошпой турам сыртым салып кырымды.

Атыр гүлдөй чачып турам жытымды,
Ырга кошуп жазып коем сырымды.
Жагалмайдай жадыраган көңүлүм,
Бажырайып жазып койдум ырымды.

Картайбаймын картайууга акым жок,
Кадааланып жазып койдум оозум шок.
Картайбаймын жүрөк толоо ыр кампа,
Ырды жазып жүргөн үчүн жүрөм ток.

«Акылбек»- деп ысмың дагы керемет,
Акыл дегдеп жүрсөңүз болот дарамет.
Ак булутка сунган сиздин колуңуз,
Атыргүлгө жетпей сиз да оорупсуз.

Мага жетпей калган бирөө эстедим,
Сиз айтканда арман болгон дастаным.
Өкүл кызы аты эми Атыргүл,
Ошол дагы айткан мага арманын.

## РЫСПАЙ КИМ?

Рыспай ким ? - ал обончу, ал ырчы,
Ырын ырдап, бүт ааламга таратты.
Рыспай ким ? - пири болот ырлардын,
Эчен ырды жандуу кылып жаратты.

Рыспай ким ? - булбул үндүү добушу,
Жер жаңыртчуу бийик ырдап созушу.
Рыспай ким? - ыры менен даңкталган ,
Поэзиянын , ырдын пири колдоочу.

Рыспай ким?- үнү бийик булбулдай,
Созолонтсо көккө жеткен бузулбай.
Рыспай ким?-изи калган тарыхта,
Атабызга дуба кылам угузбай.

Рыспай ким?- кыргызымдын жылдызы,
Ырчылардын алтын добуш үндүүсү,
Рыспай ким?-толкуп чыккан дайрадай
Ырчылардын арасында күзгүсү.

Рыспай ким?-композитор ал болчу,
Эл тастыктап айтып бүтпөс колдоочу
Рыспай ким?-кайталангыс бир келген,
Таланттардан чыккан асыл обончу...





## РЫСПАЙ – СЕН ЫРДАГАН ЫРЛАРЫҢ

Анык билем ырың сенин уккамын,
Ыр дестеде бийик болуп турганың.
Булбул болуп мукам үндүү добушуң,
Обон созуп, өзүң карай бурганың.

Рыспай элесиң жашайт биз менен,
Жаша, жаша добуш созгон үн менен.
Таштап кеттиң көрөңгөңдү элиңе,
Даңазалуу ырчы деген ат менен.

Мен көргөмүн ырдаганың жаныңдан,
Микрафонсуз үнүң кеткен алыстан.
Кулагымда сен ырдаган ыр менен,
Жан дүйнөмдү козгогонсуң кеп кенен.

Мен окуган мектебимдин жанынан,
Ооруканада жаткан элең баарынан.
Ошол жерде үнүң чыгып алыска,
Коңгуроодой үнүңдү угуп таанығам.

Жагалмайдай жаңырыгы бийиктеп,
Тарых болуп барагынан бириндеп.
Кайта келбес кайтарылгыс талантың,
Өттү билем бир кездерде билинбей.

Көзү өтсө бул жашоодон Рыспай,
Өчпөйт, өлбөйт ошондогу ырлар ай.
Жүрөгүмдүн түпкүрүндө ырларың,
Сен да бизге добушуңду создуң ай.

## АЛТЫМЫШ ЖАШКА СЫРЛАРЫМ

Жашаймын жашоо үчүн үмүттөнөм,
Жыргалын жыл артынан сезип келем.
Кыялым тээ алыстан алып учуп,
Алтымыштын сересине жетип келем.

Убакыт учкан куштай жылып барат,
Жүрөктүн жанган оту күйүп жанат.
Жагымдуу маанай улап өзүң үчүн,
Жашагын сезимдерди гүлдөн курап.

Алтымышка жеттим деп кубанамын,
Жыл өткөнүн эч билбей убарамын.
Ажарланып күндөргө жуурулушуп,
Насип эткен жашыма дубаланам.

Канча жылдар нени мен бүтүргөмүн,
Үмүттү колдон алып жетелеймин.
Удургуп бийик тоонун шамалындай,
Аттиң жаштык, өттү деп энтелеймин.

Кадырман өмүр гүлү өчүп жанат,
Жайлоосу улам ары көчүп барат.
Делебемди шаштырып козгоп коюп,
Тарых болуп жаралган изим калат.

Энемин бала багып из калтырдым,
Ак боз атка арта салып кыдырдым.
Көргөнүмө тобо кылып бул жашты,
Бактылуу ыр дүйнөнү багындырдым.





## КУТТУУ БОЛСУН

Бүгүн мына биринчи күн жаңы жыл,
Келгин курбум тосолу бирге быйыл.
Кучак жайып кубанычта ар дайым,
Көрөлүчү ушул жылдын бүт сыйын.

Жыл ичинде жылуу, жумшак сөз уккан,
Жарпың жазып жадыраган нур чыккан.
Ийгилигиң көөдөнүңө батпаган,
Чыкпа сен да ынтымактуу бул ыктан.

Тулпар чапса чечип коет чылбырын,
Элек менен элегенсийт тагдырың.
Касиетиң кагылайын жараткан,
Түз жолуңан адаштырба алгырым.

Коомай карап, талашкансыйт акырын,
Бир жыл бою жылуу жагын таткының.
Кеменгери татаал турмуш элеси,
Кыял менен таттуусуна баткының.

Ойно күлгүн көргүн туздун насибин,
Майын чыгар иштеп иштин кесибин.
Куттуу болсун ушул жылдын жыргалы,
Ар бириңдин ачып кирсин эшигиң.

## ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ КЕЛЕГОЙ

Бөбөктөрүм жаңы жылды самашты,
Келсе экен деп тез келишин каалашты.
Дасторконду кенен кылып салышты,
Тортту кесип бөлүктөргө бөлүшүп,
Шашып-бушуп аны жеген калышты.

Бокал толо Колаларды куюшту,
Достор дагы дароо эле уюшту.
Жакшы сөзүн бир-биринен аябай,
Каткырышып өтө шандуу турушту.

Арча айланып ырдап-бийлеп жатышты,
Оюн ойноп бир кумарды жазышты.
Жалт-жулт этип күйгүзүшүп отторун,
Ырдап баары черлерди бир жазышты.

Аяз - ата, аяз - кызын чакырды,
Бөбөктөргө белек берип жатышты.
Айланышып балатынын жанында,
Өтө кызык оюн куруп жатышты.

Маскарапоз болуп алган көптөрү,
Көргөзүштү түркүн-түстүү өнөрдү.
Момпосуйун, оюнчугун, белегин,
Жаш балдарга Аяз - ата бөлүштү.

Өнөрпоздор жомокторун аткарды,
Аткаралбай кээ биреөсү апкаарды.





Ошентсе да Аяз ата белегин,
Берип жатып көңүлдөрүн жайгарды.

Тилектерин балдар айтып сүйлөштү,
Шариктерди чоң-чоң кылып үйлөштү.
Белектерин колго алып сүйүнүп,
Моокум канып бир далайга ойношту.

Кандай сонун балдай таттуу балалык,
Ошолорду биз кубаттап алалык.
Тилек кылып, ак батаны биз берип,
Узун өмүр, кең келечек каалайлык.



## ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ КЕЛЕ БЕР

Жаңы жылым кадырлаймын барктаймын,
Жылда бирге келет менин таалайым.
Жылуу мээрим берип келген аябай,
Жакшылыгың сени дайым баалаймын.

Ырыскыны бизге бердиң ыраспы?
Түркүн түстүү бизге бердиң мурасты.
Жалыныңды тартууладың ыссыкты,
Демди бердиң, күчтү бердиң ырааттуу.

Жаштык бердиң кимге болсо эңсеген,
Аргымактай аны кууп жетпеген.
Жылдыз чачып, ыроологон ынтымак,
Кадыр бердиң бийиктикти тектеген.

Келе жаттың кучакташып жуурулуп,
Эл ичинен көрүнбөстөн суурулуп.
Кеменгериң келишимдүү түспөлүң,
Жакшы ниет, жарым ырыс умтулуп.

Келген болсоң эшигиме жаңы жыл,
Сени менен бир боломун асылым.
Сени менен кошо чачкын нуруңду,
Күнүм менен кошо чачкын нуруңду,
Жадырасын жайнай берсин айылым.

Суу ичейин шыңгыр добуш булактан,
Өмүр улап өрү бийик сынактан.
Берчи жылым ден соолукту пендеме,
Жашасын эл тынчтык досун кучактап.





Шүгүр кылып, көргөн күндүн шооласын,
Чачыласын ырыскынын мол чачсын.
Уул-кызыбыз өркүндөтүп өлкөсүн,
Жылуулуктун мээриминен даам татсын.

Ар бир үйгө кут, береке орносун,
Бөбөктөрүм тоо койнунда ойносун.
Жаш, карыга берген болсун ыйманын,
Кубанычта ырыскылуу тойлосун.



## ЖАШОО АГЫМЫ

Жашоонун баркын билгин таттуулугун,
Өмүрдү баалап көрчү барктуулугун.
Жарышып, кубалашып күн артынан,
Басып көр кара жердин катуулугун.

Чыйралып баскан болсоң жашоо изин,
Кайтарба ташка уруп бычак мизин.
Жашайбыз ааламында кең дүйнөнүн,
Ташыркап тээ алыста калды изиң.

Гүл жайнап, бак орноду ар бириңе,
Жашадың жалбырттаган бул дүнүйө.
Арымың кадам шилтеп бараткансыйт,
Өттү деп өмүрүңө сен күйүнбө.

Ким билсин өмүр өтсө артка кайтпайт,
Билесиң аккан суу да артка акпайт.
Жакшы жаша бир келген бул өмүрдө,
Жашоонун кызыгына ар ким батат.







## МЕН ДЕЛЕ

Мен деле ойду кенен айталамын,
Шүгүр деп күндө жүз жол кайталаймын.
Кудайдын кубанычтуу күндөрү үчүн,
Жакшы жагын эстеп алып айланамын.

Кимдердин көөнүн алып шашыламын,
Күн өткөнгө сабыр кылып багынамын.
Табышмактуу татаал жолдо басып келип,
Жүрөк дегдеп сырдуу күнгө кабыламын.

Шайыр болуп жүргөн күнду сагынамын,
Жаштыгыма келбесе да багынамын.
Жаратканым өзүң күбө бардыгына,
Тайгак ашуу тагдырдын ашууларын.

Карайм дайым жылдыз жанган асманыма,
Тобо кылам ушул жашап жатканыма.
Аллоолонуп күйгөн оттун ысыгынан,
Алгансыймын жылуулук чокторуна.

Жашап келем жашоонун ыргагында,
Обон салам сыйкыр салган ырларында.
Таттуу кыял кучагына кирип алып,
Жазгым келет жагымдуу сырларынан.

## КОМУЗУМ

Комуз үнү чыкса жүрөк дирилдейт,
Кулак укса үнүң көктө бириндейт.
Күүнүн башы алмустактан Камбаркан,
Уксаң моокум кангандыгы билинбейт.

Кол ойноткон комуз күүсү угулса,
Комуз черткен кыргызмын деп туулса.
Комуз чертип, кылымдарды кубантып,
Ата-бабам өнүп-өскөн буйруса

Кыл, тээги арча жыты жыттанган,
Комуз кылы үч буроого кыналган.
Ар бир кыргыз күүнү угуп магдырап,
Топ жыйынга, той-аштарда жыйылган.

Ата-салтым аруу тилек максатың,
Комуз менен дүйнө элге таралдың.
Комуз күүсү махабаттын ырларын,
Күүгө салып эриш-аркак жаралдың.

Комузуңду илип коюп төрүңө,
Жакшы, жаман кабар келсе үйүңө.
Угузушкан комуз менен күү чертип,
А тойлордо бапырашат сүйүнө.

Кыргыз болсоң комуз алгын колуңа,
Күүлөп койгун Ала-Тоонун койнуна.
Үйрөнүшсүн бозойлоруң, кыздарың,
Комуз ыйык, милдетин алсын мойнуна.





## ОЙ-КЫЯЛЫМ

Ой-кыялым күлүк аттай тыбырайт,
Кулагыма ыр саптарын шыбырайт.
Ак булуттай жылып барып билинбей,
Асманымда жанып барып кыбырайт.

Эй токточу, бирге басып жылалы,
Жүрө койчу бирге аракет кылалы.
Кыялымда жанган жылдыз мен болуп,
Кол кармашып бийик болуп туралы.

Ыр толкуну жүрөгүмдө дирилдейт,
Моокум канып жазсам дагы билинбейт.
Уйгу-туйгу ойлор тосуп алдымды,
Кайырмакка такыр түшпөйт илинбейт.

Кээде - кээде жүрөк кургур дирилдейт,
Сөз түрмөгү ырга айланбайт билинбейт
Такыр эле таппай калам айламды,
Ырлар дагы шуру сымал тизилбейт.

Акылманым билээр бекен кадырды,
Билбесе эгер омкоромун адырды.
Арканыма байлап алып оюмду,
Ыр жазамын кошуп алып тагдырды.

Кыдырсам да ой түбүнө жете албайм,
Кыялымды бирден талдап чече албайм.
Ырды жазып ырахатка бөлөнүп,
Учкан куштай ай-асманга уча албайм.

Ошентсе да ырдан алыс кетпеймин,
Ыр жазууну күндөп-түндөп дегдеймин.
Кудай берген талантымды өчүрбөй,
Суранса да мен эч кимге бербеймин.







## ЭГЕМЕН ӨЛКӨМ

Кыргызстаным-эгемендүү өлкөсүң,
Ишенемин кулач жайып өсөсүң.
Элиң сенин эрдемсинип кубанып,
Алгыр куштай бийик учат көрөсүң.

Кыргызстаным сендей асыл жер барбы,
Байлыгыңа суктанамын мен дагы.
Жер түбүнөн чыгып жаткан алтыңың,
Барктап алчы, сактап алчы сен аны.

Эгемендүү атың сага жарашат,
Көп өлкөлөр таңданышып карашат.
Мындай өлкө насип кылган кыргызга,
Кандай айтсак, кандай жазсак жарашат.

Ачып көрсөң тарых жазган барагын,
Бүт ааламга кадыр, баркың тарадың.
Кара- Кыргыз автономдуу облус,
100 жылдыгын эми өткөзүп жатасың.

Бул тарыхый Эгемендүү өлкөмүн,
Санжырасын окуп мен да көргөмүн.
Салт - санаасы элим үчүн өбөлгө,
Боз үйүмдө өнүп, өсүп көгөргөм.

Эгемендүү элим туусун көтөрүп,
Ат жалына баатыр чыккан жөлөнүп.
Манас атам кыргызым деп жан берип,
Сактап келген душмандарын коңторуп.

Ушул заман оңой-олтоң келбеген,
Апаат согуш нечен-нечен беттеген.
Мына ушул тынчтык заман кут болсун,
Эгемендүү Кыргызстаным гүлдөгөн.







## СҮЙҮҮ ӨЗҮ КЕРЕМЕТ

Сүйүү балын рахатын таттыңбы?
Жаштык сүйүү эстеп аны жаттыңбы?
Жагалмайдай шаңшып учкан куш болуп,
Жүрөк кургур өчүп, жанып жаттыңбы?

Кимдер гана таттуулугун сезбеген,
Ох сүйүү! – деп чолпон болуп жанбаган.
Карегине оттой болуп чок салып,
Неге аны ошол кызга айтпаган.

Кудум эле кубанычтын шаңындай,
Көңүл коюп карап койсо жылдыздай.
Ал жарк этип моймолжуган көз менен,
Жүрөгүнүн сезимдерин коздогон.

Көчө-көйдө бирге басып койгонун,
Билдиришкен сүйүү барын ойлорун.
Жебедеги найза сайып жүрөгүн,
Билдиралбай бир саамга ойлорун.

Жакшы көрүп сумкасына суу куюп,
Алигече таарынычтар туюлуп.
Картайса да жалындаган жүрөк жаш,
Кантсе дагы өткөн жаштык-ал улук.

Кайткын эми махабаттын жолунан,
Кайырмакты ыргыт ага торунан.
Кечиргиле жаштык, мастык маалыңды,
Таарынычтын табышмактуу жообунан.

## ДОСУБУЗ СУЛТАНГА

Султан достун жайдары ачык кабагы,
Мүнөзү да чыккандай кудум айдагы.
Досторго деп, тапканын төкчүү аянбай,
Толуп ташып элесин берет дайранын.

Ким билмек чын, берешен экен кыялы,
Сыйлап турат кош колдоп анын аялы.
Досубуз да Султаны болуп кыргыздын,
Бактылуу бол деп , бата тилеп туралы.

Жылкыны союп, досторго деп тамагын,
Баарысынан ак бата алган баласың.
Барпалаңдап берээрге таппай ашыңды,
Классташка жадырап жайнап каласың.

Алладан кайтсын, элдин алгын дубасын,
Бакыт нуру себелеп сага кубансын.
Уул-кыздын урмат сыйын көрө бер,
Учугуң узун, бийиктерге улансын.

Алмаштай болгон асыл жан го аяшым,
Сен жылмайсаң сүйүнүп калат Алмашың.
Дөөлөттүү бол, картайдым дебе жалтанып,
Түбөлүк бол алганың менен кармашып.

Көз тийбесин колдогу сенин байлыгың,
Көз мончоктой ыр жазып сага кайрыдым.
Сыйыңа достор ыраазыбыз ар качан,
Кырк жыл да өттү соонун болуп алтыным.





## ЖАШТЫГЫМ КАЙРА КЕЛСЕЧИ

Жаш болгом мен да суйкайып,
Эстесем турам муңканып,
Ташканак ойноп жүргөмүн,
Иш кылбай качып уурданып.

Сууга да түшүп сүзгөмүн,
Курдаштар менен жүргөмүн.
Аттиң ай менин жаштыгым,
Ойлонуп жүрөк күйөмүн.

Селкинчек тепкем токойдо,
Качкамын үйдөн ойноордо.
Энекем издеп кыйкырса,
Жеткемин урушуп койоордо.

Майдалап чачым өрдүргөм,
Топ кызды ойноп көндүргөм.
Кыялым учуп асманга,
Эшикке топ гүл өстүргөм.

Ким билсин кайра келбесин,
Жаштыгым алыс кеткенин.
Тоолордон белес ашкансып,
Жаштыгым азыр эстеймин.

Дайрадан аккан тунук суу,
Кайрылып артка акпайсың.
Өттү эми жаштык мастыгым,
Сурансам дагы кайтпайсың.

Кош айтам эми жаштыгым,
Далай из эми бастырдың.
Убакыт учуп алоолоп,
Карылык доорго жазгырдың.







## АЙЫЛЫМ – МЕНИН КЕРЕМЕТ

Таң шооласы айылыма чачканда,
Көк шибери жайлоодогу байкалат.
Арча жыты тээ алыстан буркурап,
Тоонун жели жыпар, жытка айланат.

Айылымдын ажарынан айланам,
Көөнүм ток го карап койсом кайрадан.
Тоо этектеп кызгалдагың кулпуруп,
Жытын жыттап, моокум канып байланам.

Шылдыраган булагыңдын суусунан,
Бир ууртасам тишке тийип муздагам.
Жылгалардан агып жаткан мөңгүлөр,
Агып барып дарыяга кошулган.

Айтып бүткүс керемети айылдын,
Килем жайып койгон окшойт жашылдан.
Кимдер гана айылына суктанбайт,
Ыр жазбаса акындары уктабайт.

Айылым деп согуп турган жүрөгү,
Тамырланып түбөлүккө из калат.
Учкан куштай ааламга талпынган,
Айылыма элдер келсе көз салат.

## ЖАШТЫГЫБЫЗ ӨТТҮ ЭМИ

Жапжаш болуп жаш кезекти өткөрдүк,
Кызыл гүлдөй биз буралып турганбыз.
Ошондогу жылдардын өтүп жарыгы,
Жетилдик биз байбиче кемпир болгонбуз.

Даңгыр жолдо арабаны жетелеп,
Турмуш өтөп дарыяны кечкенбиз.
Шайыр апа, эне болуп өзгөрүп,
Түндүктөрүн боз үйлөрдүн жапканбыз.







* * *

40 жылдыктан көрүп алып балдарды,
Өзгөргөнүн ошондон биз байкадык.
Аптап ыссык, күндүн сонун илебин,
Тамылжыган жүзүбүздөн айталык.

Баскан изим бажырайган бакыттын,
Ичкен окшойм таза булак суусунан.
Күлүмсүрөп чыгып турган айга окшоп,
Жалынамын жаратканга жалооруп.

Өмүр кыска, дайра сымал агылат,
Жүрөк оту албууттанып жагылат.
Тоодон кулап, тоголонуп кетпесин,
Токтой турчу мен жашайын ыр курап.

Касиеттүү кеменгерим үмүтүм,
Улай бергин бала калды учугум.
Көз жаздымда кубалашып өмүрүм,
Өтүп жатат тулпар изин калтырып.

## МЕКЕНИМ – МЕНИН ЫЙЫГЫМ

Тоо-ташыңдан кагылайын Мекеним,
Ыйык тутуп сени дайым келемин.
Алтын, күмүш кендериңдин көптүгү,
Ырыскысын толо берген элимдин.

Кут, береке Мекенимде орногон,
Калайык калк жашап жатат ондогон.
Кереметиң элиң жашайт сопсонун,
Ысык-Көлүм айтып бүткүс дастаным.

Ыйык жерим, касиеттүү берекем,
Элиң үчүн кеменгер жерим энекем.
Чын жүрөктөн сүйөм сени Мекеним,
Сени менен бирге жашоо кечемин.







## ЖЕҢИШ КҮН

Жеңиш күнү ой сабында ойлойсуң,
Согуш отун аталардын кечкенин.
Билем анык сен болбосоң жашоодо,
Ушул заман бизге такыр келбесин.

Жанын үрөп Мекен чегин кайтарган,
Канча адамдын аккан болчу кандары.
Тынчтык үчүн , ушул жеңиш күн үчүн,
Энелерден мончок-мончок жаш аккан.

Аппаат согуш, алоолонгон кан майдан,
Душмандардын огун тосуп майтарган.
Ал ким болгон билесиңби деги сен?
Ал бир жоокер Мекен үчүн жан берген.

Ал жоокерлер эне сүтүн актаган,
Урпактарды душмандардан сактаган.
Мекен жүгүн чын дилинен аркалап,
Өз милдетин ар-намыстуу аткарган.

Жеңиш күнү баарыбызга кут болсун,
Көрбө, укпа согуш деген болбосун.
Жаркын жашоо жалындасын бүрдөсүн,
Тынчтык бизге өчпөй жанган от болсун.

## ЖАШТЫГЫМ ӨТКӨНБҮ

Жаш кезим өткөн бир убак,
Эстесем келет көзгө жаш.
Азыр да ошол кезди ойлоп,
Сагынып турам кайран жаш.

Ойноо бир бала кыялым,
Ой санаа чапчып турамын.
Жетсем деп ошол кыялга,
Жетелеп жүрүп баргамын.

Жаштыктын жалын отунан,
Күйгүзүп мен да көргөмүн.
Адырдын мелүүн желинен,
Жытынан искеп келгемин.

Күнүмдүн жылуу илебин,
Козгогон сүйүү берметин.
Сүйүүдөн улуу шам жагып,
Ээлирген жүрөк дегдеген.

Жаштыгым менин жаштыгым,
Ал күндүн алгам мастыгын.
Жалынсам да жалооруп,
Таппасмын эми баарысын.





## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР

Жазында жамгыр тыбырап,
Жаап жатат сыртта шыбырап.
Мөлтүрөп тамган бир тамчы,
Жер-жерге сиңип басылат.

Жаз келсе жамгыр себелейт,
Жааса деп жерим кебелбейт.
Асманда жылган булуттар,
Күн чыккан сайын эленде йт.

Жазында жаздын жамгыры,
Тамчысы бетке чачырайт.
Чаң басты болуп жерлер да,
Гүлдөрдүн жыты буркурайт.

Чымчыктар үнү кубулжуйт,
Чыркырап конуп бутакта.
Булбулдар сайрап мукам үн,
Уккандын көөнүн кубанта.

Жан азык жаздын күнүнөн,
Алгансыйм анык табынан.
Шооласын чачып күн чыкса,
Чөптөр да чыгат жайынан.

Жазымдын тартам сүрөтүн,
Сүйүнүп мен да күлөмүн.
Байчечекей гүлдөрүн,
Жытынан жыттап жүрөмүн.

Касиеттүү жамгырым,
Кирин жердин кетирдиң.
Жаз келгенде ааламга,
Жамгыры болуп чачылдың.







## САЛАМ АЙТАМ

Салам айтам сиздерге,
Карыга да, жашыңа.
Эртелеп туруп таңыңда,
Ал жайыңды сураймын.
Жазың келди жадырап,
Жаз жарышы башталды.
Тырмооч , күрөк колуңда,
Тазалагын жериңди.
Тазалыктан башталат,
Табигаттагы сулуулук.
Ар бириңде бар болсун,
Тоодой бийик улуулук.
Теребелиң гүл болсун,
Сенде болсун аруулук.
Болсун таза сулуулук.
Жаз күнүндөй жаркыгын,
Келечекке умтулуп,
Калемиңдин сыясы,
Түгөнбөсүн ар убак.
Ырдын гүлү жазылсын,
Мөөр тамгаң басылсын.
Китеп болуп толтура,
Окурманың көп болсун.
Чачылалар чачылсын,
Бүркөк кабак ачылсын.
Коломтоңон от өчпөй,
Отуң күйүп жагылсын.
Алоолонуп от күйүп,
Ашыктыктар да күч алып,

Жигит менен кыздарга,
Сүйүү оту тутанып.
Багы катуу ачылсын.
Эгин-тегин эгилип,
Жаз жарышта дыйкандар,
Сээп алсын үрөнүн.
Күздө алып түшүмүн,
Береке берсин кырманга,
Аябай берсин дыйканга.
Ал эмесе акындар,
Ырлар жазып эргисин,
Толуп ташып сергисин.
Умтулушуп алдыга,
Улантышып эргүүсүн,
Ай толгондой балкысын.







## КАРЫЛЫК

Карылыктын доорун бирге сүрөлү,
Шаттык менен көңүл ачып күлөлү.
Кадырманым төрдүн көркү башкача,
Жакшы карып бул заманда жүрөлү.

Карылыктын турмушунан агылып,
Үй-бүлөгө оттой ыссык жагылып.
Басып келип колго кармап таягын,
Бата тилеп карысак экен ачылып.

Карылыкка моюн сунбай калжаңдап,
Жүрсө жаман эл ичинде аралап.
Кары адамдын караса экен балдары,
Барбаса экен кары үйүнө сандалып.

Болсо экен бактылуулук карыда,
Көрбөсөүн кордук бала-чакадан.
Төрдө отурсун уул-кызынын мейманы,
Кош колдоп бакса экен балдары.

## МАТЕМАТИКА

Сандарды жаттап билгемин,
Саноонун жолун үйрөнгөм.
Билимдин туңгуч ачкычын,
Талыкпай окуп жүрөмүн.

Жадыбал жаттап койгомун,
Чыгарам мисал болгонун.
Туюнтма көрсөм шашылам,
Көбөйтөм, бөлөм башынан.

Теңдеме көрсөм сүйүнөм,
Белгисиз санды камтыган.
Тамырын таппай алардын,
Изденем таппай күйүнөм.

Айылдын баскам арасын,
Аралыгын карадым.
Масштабын чыгарып,
Кичирейтип алгамын.

Бир чекиттен башталган,
Эки шоола чыкканын.
Сызып алып дептерге,
Сүйүнүп аны карадым.

Көрүп алып бөлчөгүн,
Көп нерсени өлчөдүм.
Жөнөкөй болгон бөлчөктү,
Чыгаргандан кыйналдым.





Үйрөнүп алып бөлчөктү,
Чыгарып эми калгамын.

Бөлүмүн карап бөлчөктүн,
Табамын жалпы бөлүмүн.
Дурус, буруш бөлчөктү,
Ажыратып алгамын.

Сандардын окуп катарын,
Миллиард санын табамын.
Калькулятор колдонбой,
Опоңой кошуп аламын.

Математика сабагын,
Окуп билип алгамын.
Кызыгына мен батып,
Ырга кошуп жазамын.



## МЕКЕНИМ

*(Алыста жүргөндөрдүн көз карашы менен жазылды)*

Мекеним асыл жерим көз мелжиген,
Сени эстеп ичим ысып элжирейм.
Алысмын сагынычтан куса болом,
Жеталбайм жолум алыс бөгөт болгон.

Көз өтөт баткак ылай, чаңдарыңдан,
Айылым жашыл төрүң майданыңдан.
Мелжиген көк асманы булут баскан,
Чалкалап көрчү сага эркелеймин.

Ак жоолугум колумда булгалаймын,
Жетпей сага Мекеним кыйналамын.
Мөлтүрөп агып жаткан сууларыңан,
Бир ууртам ичсем деймин дубаланган.

Жытыңды эстеп алып кусаланам,
Алысмын айла канча ызаланам.
Башка жер алтын кымкап оросо да,
Баары бир мен ичимден ушаланам.

Түндөсү түн уйкуман бөлүнөмүн,
Алыстамын баралбай өкүнөмүн.
Кыялым алып учуп баргым келип,
Көөдөнүм бөксө болуп туталанам.





Баары бир барам сага сөз беремин,
Насип туз буйруганда мен келемин.
Баарлашам барганымда туулган жерим,
Жүрөгүм, кан тамырым Мекеним сен.



## КҮНДҮ КӨРДҮМ

Таң атканда күндү көрдүм сүйүнө,
Шүгүр дедим Жаратканга жалына,
Аалам тегиз, көрсүн ар ким бул күндү,
Очогунан оту өчпөй жылына.

Шоола чачкан күн нуруна бөлөндүм,
Жашоомо мен жазданып жөлөндүм.
Ырыскыма дагы бир күн бал тамды,
Өмүр күнүм дагы бир күн узарды.

Убакыт да учкан куштай жылт этээр,
Куюлушуп күн артынан күн келээр,
Кеч киргенде уясына күн батып,
Дагы бир күн самап жашап келем мен.







## ЖАЗ ГҮЛДӨРҮ

Бажырайган жаздын гүлдөрү,
Көңүлүдү көтөрүп гүлдөдү.
Аймалап желдери адырдын,
Куштардын угулуп үндөрү.

Айылымдын ажары ачылып,
Келбети керемет чачылып.
Күрпүлдөгөн суунун агымын,
Көргөнү жөнөймүн ашыгып.

Жаз келип көрпөдөй адырга,
Кой-козу жайылып талаада.
Тирүүлүк мыйзамы уланат,
Жашоого көргөндөй камылга.

Обонум ырдаган үнүмдүн,
Нурунан алгамын күнүмдүн.
Көктөм жазды күттүм сагынып,
Жарпын жазып алайын жүзүмдүн.



## ЖАРАТЫЛЫШ КООЗДУГУ

Жаратылыш кооздугу жанданды,
Жапжашыл тукабага айланды.
Көркүнө суктанамын чындыгы,
Көздөрүм сага минтип байланды.

Дарыяң агып жатат күрпүлдөп,
Боюнда дарагың үлпүлдөп.
Агынды агызып чамынат,
Таштарга суулар тийип дүрсүлдөп.

Бийикте жатат мөңгү апакай,
Тоолордо аппак кары калпактай.
Жылгадан суу болуп эриген,
Сел кетип агызат камгактай.

Жадырап күн тиет баарына,
Жамгыр жаайт кээ кезде таарына.
Көркөмүңө дайыма суктанамын,
Куштар келип консо эгер шагыңа.

Жашыл чөптөр эгип койгондой,
Жылкысы оттошот эч тойбой.
Арчалар жапжашыл жашарып,
Арзуулар бейиши болгондой.

Асманда көк булут удургуп,
Жорулар айланат уюлгуп.
Керемет айлана мемиреп,
Кооздугуң адамга туюлуп.





## ЖАШОО БУЛАГЫ

Жашоонун агымында баратамбы,
Керемет тарыхты мен жаратамбы?
Турмуштун даңгыраган бир жолунда,
Ачылып багымды мен каратамбы?

Өмүрлөшүм бирге биз жашадыкпы?
Гүлдөгөн турмушту же самадыкпы?
Даамдуулугун өмүрдүн балын татып ,
Биз бирге өмүр сүрүп жашадыкпы?

Көңүлгө алоолонтуп отту жактык,
Сырыбызды айтпастан ичке каттык.
Тиргиликти өткөзүп мамыр-жумур,
Арабаны тартып биз келе жаттык.

Сөз өтсө унчукпай кечириштик,
Шам жактык урушпай чечилиштик.
Багыбызга ынтымак бекем орноп,
Гүлдөй назик өмүрдө бирге актык.

## БУРУЛКАНГА

Бурулкан сен - жаз күнүндөй жылуусуң,
Гүлдөй назик турган турпат сулуусуң.
Дубандарды бир тайпага чогултуп,
Акылманым кудай берген улуусуң.

Бурулкан сен – акындардын эжейи,
Сени сыйлап төрүбүзгө кел дейли.
Келбетиңден жайнап турган жамалың,
Пейилиңдин бүт ааламдай кенени.

Жадабастан күндө сүйлөп сөзүңдү,
Жетелейсиң ыр дүйнөгө өзүңдү.
Ууртуңдан күлкү төгүп элдерге,
Ар бир ырга жүгүртөсүң көзүңдү.

Таамай айтып, чечкиндүүсүң өзгөчө,
Сөз айтасың өзгөлөргө көргөндө.
Кыз Сайкалдай баатыр болуп көрүнүп,
Беттешесиң насаат айтып бөтөнчө.

Туулган күнүң, куттуктаймын элжиреп,
Чын ден соолук каалай берем элчилеп.
Бурулканым орундалсын тилегиң,
Куттуктоолор жазсын акын менчилеп.





## ӨТТҮ ЗАМАН

Өттү заман нечени,
Эстейм өткөн кечээки.
Пейли кенен адамдын,
Өтүп кетти эчени.

Дасторкону мол болгон,
Бардык нерсе бүт толгон.
Ортосунда ынтымак,
Чай ичишип бүт койгон.

Чайга дагы чакырган,
Келбей койсо бакырган.
Май сызгырып бир замат,
Кыраанкаткы каткырган.

Чогулушуп барышып,
Күлүп, жайнап маарышып.
Отурушту өткөргөн,
Койду союп алышып.

Кошуналар ортодон,
Койду сойгон короодон.
Бышырышып эттерин,
Шорпо ичип тойлогон.

Ынтымагы элдердин,
Бекемдигин билгемин.
Байлык жыйнап койбогон,
Кулагыма илгемин.

Азыр адам өзгөргөн,
Байкап сезем көздөрдөн.
Өтөт дешет бул заман,
Баамдап калам сөздөрдөн.







## МЕКЕНИМ

Киндик каным тамган жерим берекем,
Кооз сулуу сендей  жер да бар бекен?
Кереметтүү Ала-Тооңдун аскасы,
Дем берүүчү азык болчу дан экен.

Тоо-ташыңдан баскан изим байкалат,
Кенен төрүң көк асмандай жайкалат.
Кокту-колот өсүп чыккан арчалар,
Жүрөгүмдү сүйүү менен саймалайт..

Аккан сууң өмүр берген азыгым,
Көркөмүңө суктанамын айылым.
Жүрөк согот Мекен жүгүн аркалап,
Кыя өтпөгөн сен болосуң жакыным.



## ЖАЗ АЙЫ

Жаз айы күндүн жарыгы,
Сууларга толот арыгы.
Жагалмай куштай жайдары,
Жашоонун болот арымы.

Күн нуру чыгат кылактап,
Карлары эрип шалактап.
Кар кеткен жери көрүнүп,
Жашыл чөп чыгат чубактап.

Тоолордон мөңгү эриген,
Сел болуп келет жеринен.
Сүйүнүп турат адамдар,
Чөп чыгат дешип теңинен.

Байчечек кар кеткенде,
Кылактап тоодо баш бакты.
Сүйүнүшүп жаш балдар,
Теришип алып кубанды.

Жан кирди жерге керемет,
Жашылды жайып ирденет.
Сүйүүлөр дагы козголуп,
Эргүүлөр эми жанданат.





## ЖАЗГЫ СҮЙҮҮ

Сүйүүнүн ыссык илебин,
Сүйүшкөндөр билеби?
Кызгалдак кармап колуна,
Гүл сунуп ага береби?

Сөз укса жакшы кулагы,
Сайраса тоодо улары.
Эки жаш турса кыналып,
Эргүүдөн чыгаар кумары.

Сүйүүдө жалын чок болот,
Жүрөгүн жарып октолот.
Жашоодо жаркын келечек,
Баш кошсо сүйүү от болот.

Булбулдун үнүн угушат
Кол кармашып турушат.
Сүйүүнүн оту кеменгер,
Сүйүнүп турмуш курушат.

Тилеги таза түз болот,
Кайыптан сүйүп жол тосот.
Кендирин кеспей жаштыктын,
Махабат балы топтолот.

Бакыттын нурун талашат,
Махабат, сүйүү адашат.
Эки жаш бирге басканда,
Карекке карек кадалат.

## БҮГҮН НООРУЗ

Бүгүн Нооруз келгенде,
Шаан-шөкөт болуп жергемде.
Жаңырып келди жаңы жыл,
Кут дөөлөттү бергенге.

Ак сакалын жайкалтып,
Аталар бата беришип.
Ак элечек энелер,
Чачпак тагып келишип.

Алас-алас айтышты,
Ысырыгын салышты.
Аксакалдар кол жайып,
Ак батасын беришти.

Узун көйнөк кийишип,
Осмону кашка чийишип.
Майрамдашты апалар,
Көз мончогун илишип.

Күн жаңырган жаңы жыл,
Камдуу келди ал быйыл.
Кубанышып элим да
Сүмөлөккө салды түр.

Оюн-күлкү тамаша,
Маанайларга жараша.
Ынтымагы көп болсун,
Кыргыз элим каалаша.





## ЖАЗ КЕЛДИ

Жазым келди жайдары,
Күткөн өңдүү ай дагы.
Жан киргизген баарына,
Кереметтүү жаз айы.

Жер болк этип ойгонду,
Ай да чыгып толгонду.
Тоо башында мөңгүлөр,
Эрип кетип жок болду.

Кар алдынан тюлпандар, (Жоогазын)
Чыга алышпай тургандар.
Жамгыр төгүп нөшөрлөп,
Жердин бетин жуугандар.

Күн ысыбай жел согуп,
Кыш кете албай кол тоңуп.
Жаратылыш мыйзамы,
Адаштырбайт так болуп.

Жылкы турат кишенеп,
Чөп берет деп ишенет.
Жаз кечигип баратат,
Кыш да кетпей тиштенет.

## ЖАЗЫМ КЕЛЧИ БАТЫРААК

Эшигим алды аппак кар,
Кетпеди тосуп жолум тар.
Күн чыгып нурун чачканда,
Эзилип кар да кеткен бар.

Ким билет тоодо жашаймын,
Жаз келсе деп самаймын.
Кызгалдак башы кылтайса,
Жытына суусап барамын.

Бак-дарак күтүп жаз айын,
Бүчүрүн ачпай наалыды.
Ак карлар сиңип жер-жерге,
Жамгырды күтүп жазылды.

Жер кийсин жашыл тукаба,
Жаз келсе жатып уктаба.
Сезимде сүйүү ойгоноор,
Жүрөгүң каалап жатса да.

Ким билет жаздын жамалын,
Ар - бири билет амалын.
Бүркүттөр жайып канатын,
Билгендей адам талабын.

Белгисин берип куштар да,
Мамакөз келип турганда.
Бүчүрүн жарып алмалар,
Жаз дагы көңүл бурганда.





## АЯЛ-ЭНЕ

Оо аялдар!... тийип турган айсыңар,
Жароокер да  өтө жумшак жансыңар.
Жоодураган ай чырайлуу жүзүңөр,
Бийик тутам, мартабалуу хансыңар.

Эркеликтен тамшандырып бирөөнү,
Табасыңар бир заматта күйөөнү.
Балдай болгон тамашалуу тилиңер,
Эр жигиттер арнайт дайым сүйүүнү.

Аял-эне төрөп койсо баланы,
Көтөрүлөт жубайга болгон талабы.
Аялына айды алып берсем дейт,
Жакшы эркек аялынан калабы.



## ЧОҢ ЭНЕМ МЕНИ ЧОҢОЙТКОН

Чоң энемдин айткан сөздөрү,
Күлмүңдөп күлгөн көздөрү.
Жароокер менин энекем,
Тарбия берген күндөрү.

* * *

Чоң энемдин жакшы сөзүн уккамын,
Билем сизден жакшы жагы жукканын.
Дайым мага айткан балдай сөзүңүз,
Эстен чыкпас жылуу насаат укканым.

Чоң энемдин чачпактарын көргөмүн,
Оң, сол кылып чачын дайым өргөмүн.
Көйнөк бычып, мага ишенип тиктирген,
Көйнөгүнөн кармап ээрчип жүргөмүн.

Атты минип, учкаштырып артына,
Бирге барчум айылдаган айлына.
Куржунунун эки көзүн толтуруп,
Чабандестей үзөңгү илчү бутуна.

Шайы көйнөк кийип алса жарашкан,
Чач - мончогу эчен жанды караткан.
Көйнөгүнүн бажырайган гүлдөрү,
Кемселине ак седепти кадаткан.

Элдер мени чоң энемден сураса,
Окшош дечү Атыргүл мага тубаса .





Сөз кайтарып эч каяша айтпагам,
Мени өстүргөн, менин алтын энекем.

Чоң энемди ээрчип жүрүп чоңойгом,
Жакшы сөзүн угуп эптүү оңолгом.
Кучагында жомок айтчу түндөсү,
Ыр дүйнөгө жолум ачыл торолгом.

Сыйлайм, ыйлайм элесиңиз эсимде,
Сиздин айткан сөздөрүңүз сезимде.
Эгер азыр сиз болсоңуз жанымда,
Жүрөт элем акыл- насаат таалимде.

Дайым эстейм айткан сиздин сөзүңүз,
Сыйлайт элем тирүү болсо көзүңүз.
Жаткан жериң жайлуу болсун энекем,
Жүрөгүмдө жашайсыз эне өзүңүз.



## ЭНЕ МЭЭРИМ

Мээримиңиз күн шооладай чачырайт,
Эне деген гүлдөй болуп ачылат.
Балдарына мээрим берип жылытып,
Баласы да моюнуна асылат.

Ак сүт берип, балкып сүткө кандырат,
Чырагынын биликтерин жандырат.
Беш балага беш жагынан бөлүнүп,
Эркелетип уктабай таң аттырат.

Мээрим төгүп энекелер жазылаар,
Оттой ыссык мештей болуп жагылаар.
Энекелер балдарынын жанында,
Гүлдөй жыты балдарына чачылаар

Эне сиздей асыл адам бар бекен,
Күндөй нурун балдарына чачса экен.
Кудайымдын кудуреттүү пендеси,
Жаралган го эбегейсиз пейлинен.

Эне сендей мээрим толук бербесе,
Бул дүйнөгө билбейм анда келбесе.
Тартуулаган жашообуздун булагын,
Ар бир бала, кам сүт анда ичпесе.

Эне ичинде жатканда эле балага,
Мээрим төгүп, койгон окшойт канчага.
Даңазалайм айым- күнүм энемди,
Ороп койсом аз болбойт го барчага.





## АЙТКАНЫҢЫЗ КЕЛСИН

Окшошуп кетет атыңыз.
Улуу го эркек затыңыз.
Чоң атамдын атындай,
Чоң ата болуп калдыңыз.

Карындаш болуп калдымбы,
Каттарды сизден алдымбы.
Туңгуюктап сыр дүйнө,
Сүйүүдөн сөз салдыңбы.

Ким билет жашоо кызыгын,
Жаз гүлдөй болгон азыгын.
Сүйүүнү козгоп сөз айтсаң,
Сүйгөнүң тартсын жазыгын.

Жаз келип гүлдөр ачылсын,
Сүйүүдөн ыссык чачылсын.
Жайдары агам сиз болуп,
Эргүүлөр гүлдөй чачылсын.

Кутман курак кут болсун,
Сүйүү ыры жык толсун.
Сайрасын булбул шагымда,
Сүйбөй эле жөн коюң.

Бак, дөөлөтүм башымда,
Жаман чалым кашымда.
Коломто ыссык чок болду,
Сүйгөмүн жаштык чагымда.

Төрт балам бар тиренген,
Жаман чал бар ишенген.
Он беш небере жанымда,
Чыкпай калгам кишенден.







## ТҮШҮНДҮМ

Түшүндүм эстеп алдым жаш куракты,
Сүйүүнүн шагын ийген ошол бакты.
Ох чиркин !...жаштык кезиң кандай сонун,
Жүрөктө калып калган ошол такты.

Сүйүүнүн ыссык демин чыгарыпсыз,
Айтып алып өтө эле кызарыпсыз.
Сүйүүдө келе жатат жаздын деми,
Сүйүүнүн белин ашпай тунарыпсыз.

Сүйүүнүн даңгыр жолун баскансызбы?
Ичтеги сырды мага ачкансызбы?
Жашоодо сүйүп калган армандарды,
Көп жолу ак баракка жазгансызбы?

Сүйүнүп чын сүйүүгө ким жетиптир,
Сүйөмүн деп аркасынан ким келиптир.
Булбулум мукам үнүн сыбызгытып,
Жүрөккө бек кадалып ал жатыптыр.

Түшүндүм ал да менин замандашым,
Сиз болсо менин эле калемдешим.
Нускасын сүйүү отун жалбырттаткан,
Бүгүн мен эрте туруп саламдаштым.

## ТУУРА ТҮШҮН

Туйлатып тынчтык бербей жаш жүрөктү,
Дүңгүрөтүп жай алдырбай жан дүйнөмдү.
Жолуккан аз убакыт ал сүйүүмдү,
Жоготуп алганыма кырк жыл өттү.

Жаш кезде, арзып тапкан махабаттан,
Жан дүйнөм эстегенде жай албаган.
Билинбей өтүп кеткен жашоомдогу,
Бул ырда, ал сүйүүмдү баяндагам.

Сүйүүнүн жыпар жыттуу гүлдөрү жок,
Сүйүнүп уккан жаштык күүлөрү жок.
Сүрүлүп кеткен менден алда качан,
Сүйүүнүн сүрү эмес сүлдөрү жок.

Жеңең мени ар дайым ойлоп турат,
Жектебей кайра мени коргоп турат.
Кам санаба карындаш ханышамдан,
Катамды канча болсо оңдоп турат.





## СҮЙСӨҢ СҮЙҮҮ ТАБЫЛАТ

Сүйсөң сүйүү ар бир жанга табылат,
Бирок дагы адам деген жаңылат.
Кээ бир кезде кайран жаштык жалындап,
Дал келишпес бирөөлөргө кабылат.

Кайдан-жайдан сүйүү арнап жаздыңыз,
Ошентип сиз ырахатка баттыңыз.
Чаткалымдын ашууларын аша албай,
Махабаттан жалын болуп кайттыңыз.

Жеңем билсе сөздү таппай жүрбөңүз,
Шылдың болуп аны карап күлбөңүз.
Эптей албай эки аялды элеңдеп,
Оюңузду кыбыла карап түздөңүз.

(Чаткалдык кыздан жалындуу ыссык салам!)

Бир жолу ырахаттанып күлүп, эргүүңүз күч алсын.

## АДАШКАН СҮЙҮҮ

Чалкар төрдүн атыр жыттуу арасынан,
Чар тарабы гүлгө оронгон талаасынан.
Чаткалдын бир сулуусун тапкан элем,
Чак түштө тагдырымдын каалоосунан.

Жайдын түнү жолуксак жарык болчу,
Жаз гүлүндөй өзү да назик болчу.
Жарпым жазып ырларын угаар элем,
Жан дүйнөмө күлкүсү азык болчу.

Күтүүсүз келген мага махабатты ,
Күтөөр элем келээр деп ал тарапты.
Тапканыма сүйүнүп жүрөөр элем,
Тагдырым тартуулаган аруу затты...

Адашып махабаттан ызадамын,
Ашууларды ашалбай кыйналамын.
Баарысына көнсөм да ал сүйүүмдү ,
Байкатпай башкалардан кызганамын.







## АДАМДАРДЫН ПЕЙИЛИ

Аллахым ...адамды сиз жараттыңыз,
Акыл-эс берип аны тараттыңыз.
Адамдар аны билбей көркоо болуп,
Пейилдерин адамдын тарыттыңыз.

Дүнүйө кең, бирок пейил тарыганбы?
Адашкандар акылдан айныганбы?
Кең келечек жашоонун агымдарын,
Билип, билбей артка карай баратканбы?

Кудайымдын жараткан пендесибиз,
Бул жашоого бир жолу келгендирбиз.
Жашоо агым, дайрасын кечип алып,
Жаратканга жалынып жеңгендирбиз.

Жакшы жашоо - бул биздин колубузда,
Аллах берген жакшы күн жолубузда.
Жүрөгүңдүн толтосун таза кармап,
Ичи дайра жеткен бейм доорубузга.

Пейил кетсе барбайлы жаман жолго,
Амандыкты тилейли ар бир ойдо,
Аруулукта пейилди түздөп алып,
Жүрөлүчү каткырып ар бир тойдо.

Ой тумарын тагалы мойнубузга,
Жакшы сапат илейли жонубузга.
Жаман-жуман ойлорду алыс таштап,
Түшүрбөйлү жамандыкты торубузга.

## АКЫН КЫЗ АТЫРГҮЛГӨ

Кучагыңды кең өрөөнгө жайгандырсың,
Кубанып далай ырлар жазгандырсың.
Абасынан кере жутуп улуу тоонун,
Атыр гүлгө айланып калгандырсың.

Чымыныңды ырга айлантып чыгарып жүр ,
Чындыкты элге таамай ыйгарып жүр.
Кыргызымдын кыраан кызы атка конуп,
Кызгалдактай тамылжып кызарып жүр.

Асыл заты, айым кызы Ала Тоонун,
Атыргүл таланттың бар , абдан сонун.
Чагылгандай жалындуу ыр жаратып ,
Чаткалдын акын кызы аман болгун.







## КУШТАР КЕЛДИБИ

Куштар келди, эшигиме сабаалап,
Жем берсе деп айталбастан сураныл.
Билем тилин түшүнөмүн мен дагы,
Курсагы ачып келген тура ынаныл,

Ким билсин алар деле макулук,
Сайрайт, сүйлөйт өз тилинде чуркурап.
Түшүнбөймүн тилин угуп алардын,
«Күш» – деп коем мен аларды учуруп.

Конуп алат атыбыздын үстүнө,
Келе берет кой десең да күнүгө.
Сабаалаган куштарымдын издери,
Оймо-чийме сүрөт тартат төрүмө.

Кайгырышпайт  сайран куруп жүрүшөт,
Шакылыктап түркүн-түстүү күлүшөт.
Баарлашкандай моокум каныл караймын,
«Урбаса» – деп  көңүлдөрүн бөлүшөт.

Куштар сайрап, өздөрүнчө сүйлөшөт,
Канаттарын бийик кылып күүлөшөт.
Жарышкансыйт өйдө-төмөн учушуп,
Кеттик эми дегенсишип үндөшөт.

Кыш экен деп кыйналышпай жашашат,
Эки жакты дуу этишип карашат.
Күндө келип тал-терекке конушуп,
Сан жыргалы  өздөрүнө жарашат.

## ГРУЗИЯНЫ КӨРГӨМҮН

Грузия кенен шаары дүйнөнүн,
Жер кыдырып, аны барып көргөмүн.
Өнүккөнүн карап алып мен дагы,
Баа бергенмин туристин көп жүргөнүн.

Кылымдардан калган экен музейлер,
Сакташыптыр тарыхын да бүт элдер.
Вино завод айтып турат качанкы,
Жашыл болуп турат экен бүт жерлер.

«Чача» вино ар бир үйдө жасалат,
Өздөрү үчүн бир керемет баркталат.
Меймандарды тосуп алып кубантып,
Дүкөндөрдө ичимдиктер сатылат.

Билим кенин жакшы жакка оодарган,
Билимдүүлөр ошол жактан оозанган.
Университет, окуу жайлар түптөлүп,
Заманбаптар окурманга жасалган.

«Боржоми «суусу чыккан жерин көргөмүн,
Турист болуп басып жүрүп өнгөмүн.
Эки тоонун арасында үйлөрдү,
Кызыгуудан толуп калды көөдөнүм.

Саякаттап көрдүм анан көлдөрүн,
«Катамаранга» түштүм дагы өйдөнүн.
Грузиянын чоң паркында айланып,
Сүрөткө түшүп унут болгон көйгөйүм.





Ошол күндөр жүрөгүмдө кайнады,
Сезимимде не бир сонун айланды.
Айландырып, алып барып көрсөткөн,
Жааматыма ырахматым айтамын.



## КЕЙИБЕЙМИН МЕНИ ЖАМАН ДЕГЕНГЕ

Туулганда даңгыр болот жолубуз,
Туңгуюктан чыккан болот оюбуз.
Туюмубуз иштеп барып акырын,
Иштеп калат айга сермеп колубуз.

Чоңойгондо адамдар да иргелет,
Жакшы - жаман атка конуп жинденет.
Бирин-бири сөз кылышып заматта,
Сөзүн кооздоп, жагынгансып ирденет.

Кээде элдер мени деле сөз кылат,
Тик карабай айтып алып ал жылат.
Кейибеймин мени жаман дегенге,
Таарынбаймын ал да мага таң калат.

Ай бир боорум, бирге баскан жолдорум,
Сен болосуң мени дайым колдоорум.
Кетенчиктеп көпкө ойлонуп биле албайм,
Уйгу-туйгу боло берет ойлорум.

Эх адамзат! Уу очогун билбедиң,
Кулагыңа айтсам дагы илбедиң.
Жашап жаткан ушул жалган дүйнөдө,
Ушакчынын айтканына кирбегин.

Укпайм аны билем эмне айтаарын,
Күлгөн болсо, билсин анын кайтаарын.
Укпаймын да, урушпайм жаман дегенди,
Билсин ал да сөздүн жолдо калаарын.





Кайтар дүйнө, билсин анын бардыгын,
Эч ким бербейт чөнтөктөгү байлыгын.
Жаман дебе , жакшы адамды ким берет,
Ойлон анда жаман тууган бардыгын.



## КЕРЕК БОЛСО

Керек болсо ханга теңейм оюмду,
Түзөй берем ага карай боюмду.
Жаратканым тең жараткан себеби,
Сермесин деп бийик кармап колумду.

Керек болсо байга теңейм оюмду,
Түзөп алам ага карап боюмду.
Жаратканым тең жараткан себеби,
Байлык, бийлик тең карма деп колумду.

Керек болсо барга теңейм оюмду,
Түздөп кармайм ага теңеп боюмду.
Жаратканым тең жараткан аны да,
Барга теңеп, сермесин деп колумду.

Керек болсо жанга теңеп оюмду,
Түзөтөмүн ага карап боюмду.
Жаратканым жанды берген себеби,
Кыймылына тең келсин деп колумду.

Керек болсо бийге теңейм оюмду,
Түз жүрсөм деп ага теңейм боюмду.
Жаратканым бий болсун деп себеби,
Бийлик кыл деп берген болчу колумду.





## БАЙЫРЛАГАН ОЙЛОР

Байырлап ойлор мени курчап алды,
Жакшы күн, өткөн күндөр эсте калды.
Чыйырын изин кууп эрдемсинип,
Барамын түз жолумда андан ары.

Тим турам айланкөчөк айлампада,
Кайсы бир ой түрмөгүн айлантканга.
Түпөйүл ойду жарып карабаймын,
Болбосун деп эч убакта кайгы-капа.

Саламын тулпар атым өйдө-төмөн,
Жакшы ой, жакшы тилек менин эңсөөм.
Уктаарда ыраазычылык билдиремин,
Турганда жаңы ойлор келтиремин.

Ар дайым маанайымды ачык кылам,
Боортоктоп бийиктерге дайым жылам.
Кез келсе сөз айткандан алыс качып,
Жан дүйнөм козгоп алып ырды жазам.

Талантты ташыркатпайм билим алып,
Ким үчүн ырлар жазам элден калып.
Ойлорум бүркүттөй таамай учуп,
Калемди кармап жазам колдор талып.

Ойлорум чер токойду аралады,
Көтөрөм болуп жаткан иш чараны.
Дүйнөдө жашап жатам өзүм үчүн,
Дилгирмин ошого да дабаа барбы?

## АЙ СЫЙГАЛЧАК

Ай сыйгалак оңбогур,
Ойноп, ойноп болбогур.
Балдар чана сүйрөшөт,
Сыйгаланып тойбогур.

Колу-бети үшүдү
Ийнин катуу күүшүдү.
Ары-бери элеңдеп,
Кайра  чана сүйрөдү.

Кулак-мурун кызарды,
Күн кеч кирбей узарды.
Сыйгалакты тебишип,
Билбей калды ызгаарды.

Тоодон тээп чананы,
Жазды черди, капаны.
Өтүгүнө кар кирип,
Музга  жыртты чапанды.

Үйгө келип сөз укту,
Жеди чоң бир муштумду.
Капа болбой ага да,
Бурчка барып ал турду.

Балалыктын кыялы,
Ага бала ыйлайбы.
Оюн куруп кубанып,
Келгин балдар жыргайлы.





Бакыт нуру себилди,
Кардан бала жеңилди.
Сыйгалакта да сүйүнүп,
Тоого  карап керилди.



## КИМДЕР СҮЙЛӨЙТ

Кимдер деги иш жүзүндө сүйлөбөйт,
Жаман айтпайт, жакшы жакка үндөбөйт.
Жайгаштырып жакшы, жаман сөзүнөн,
Иши бүтпөйт, айтып андан жүдөбөйт.

Ушак, айың кыяпаттап бирөөнү,
Жарылгансыйт ичиндеги күптүсү.
Кээ жандардын айтып бүтпөс кыялын.
Жакшы жакка баскының деп үндөйлү.

Ар - бирибиз абийир үчүн күрөшүп,
Тарбияны алайлычы үндөшүп,
Көрүнгөндү жаман атты сөз кылбай,
Жүрөлүчү көңүлдөрдү гүлдөтүп.

Жыргал заман ар бириңе кут болсун,
Ортобузда ынтымактар көп толсун.
Карыларга ыйман берсин кудайым,
Жаштарыбыз айткан сөзгө кунт койсун.

Түркүк болуп ким жашаптыр дүйнөдө,
Көтөрүлсүн бийик болуп өйдөгө.
Бирөөлөрдү жаман дешип сөз кылбай,
Жакшы сөзгө сөз берели үндөөгө.





## АК КАР БЕТИ

Ала-Тоом ак көйнөгүн кийгенби?
Күндүн нуру ага карай тийгенби?
Тоонун бети ак барчаны жамынып,
Тал-чыбыктын бутактарын ийгенби?

Чатырларга ак кар жаап толгондой,
Кар бүртүгүн чачып эле койгондой.
Аппак карга көз уялып чагылып,
Кар уялап, бачым эле болгондой.

Кончко кирип ак кар бутуң муздатып,
Көңүл жумшак, муздабайсың жубатып.
Тоо бетинде айбанаттар издерин,
Саймалантып гүл тарткандай чубатып.

Чер токойдо чөөлөр уулуйт балача,
Кокус келсе жоо бетинде талаша.
Карышкырлар үйүр алып айылга,
Тамак издеп эркин жөөлөйт кааласа.

Түкүрүгүң жерге түшсө муз болот,
Суу үстүнө карлар тоңуп тез толот.
Чебелектеп түлкү изин жашырып,
Тоокторду уурдап качат бул түгөт.

Чилдеде суук, адам өңүн кубартат,
Үйгө кирсең жылып анан жубатат.
Ысык меште казан кайнап заматта,
Тамак ичип, ичиң ыссып кубантат.

## КИМДЕР СҮЙЛӨЙТ

Кимдер деги иш жүзүндө сүйлөбөйт,
Жаман айтпайт, жакшы жакка үндөбөйт.
Жайгаштырып жакшы, жаман сөзүнөн,
Иши бүтпөйт, айтып андан жүдөбөйт.

Ушак, айың кыяпаттап бирөөнү,
Жарылгансыйт ичиндеги күптүсү.
Кээ жандардын айтып бүтпөс кыялын.
Жакшы жакка баскының деп үндөйлү.

Ар - бирибиз абийир үчүн күрөшүп,
Тарбияны алайлычы үндөшүп,
Көрүнгөндү жаман атты сөз кылбай,
Жүрөлүчү көңүлдөрдү гүлдөтүп.

Жыргал заман ар бириңе кут болсун,
Ортобузда ынтымактар көп толсун.
Карыларга ыйман берсин кудайым,
Жаштарыбыз айткан сөзгө кунт койсун.

Түркүк болуп ким жашаптыр дүйнөдө,
Көтөрүлсүн бийик болуп өйдөгө.
Бирөөлөрдү жаман дешип сөз кылбай,
Жакшы сөзгө сөз берели үндөөгө.





## АК КАР БЕТИ

Ала-Тоом ак көйнөгүн кийгенби?
Күндүн нуру ага карай тийгенби?
Тоонун бети ак барчаны жамынып,
Тал-чыбыктын бутактарын ийгенби?

Чатырларга ак кар жаап толгондой,
Кар бүртүгүн чачып эле койгондой.
Аппак карга көз уялып чагылып,
Кар уялап, бачым эле болгондой.

Кончко кирип ак кар бутуң муздатып,
Көңүл жумшак, муздабайсың жубатып.
Тоо бетинде айбанаттар издерин,
Саймалантып гүл тарткандай чубатып.

Чер токойдо чөөлөр уулуйт балача,
Кокус келсе жоо бетинде талаша.
Карышкырлар үйүр алып айылга,
Тамак издеп эркин жөөлөйт кааласа.

Түкүрүгүң жерге түшсө муз болот,
Суу үстүнө карлар тоңуп тез толот.
Чебелектеп түлкү изин жашырып,
Тоокторду уурдап качат бул түгөт.

Чилдеде суук, адам өңүн кубартат,
Үйгө кирсең жылып анан жубатат.
Ысык меште казан кайнап заматта,
Тамак ичип, ичиң ыссып кубантат.

Ак кар-өзү аруулуктун сезими,
Кыш ызгаары камдандырат элими.
Кар бүртүгү себеленип жааганда,
Талаа берет толуп, ташып эгинди.







## Ч. АЙТМАТОВ-ЖАНГАН ЖЫЛДЫЗ

Айтматов түбөлүккө жанган жылдыз,
Таанылды бүт ааламга жамы кыргыз.
Жазыптыр чыгармасын унутулгус,
Атыңыз унутулбайт ата Чыңгыз.

«Эрте келген турналар» китебиңди,
Султамурат, Мырзагүл ачып берди.
«Ак кеме» Ысык-Көлдөн сүзүп барып,
Нургазы күтүп-күтүп суугa келди.

Ким билди Момун чалдын ыймандуусун,
Орозкул жүрөк өйүп тургандайсың.
Бугунун башын чаап бырча-бырча,
Казанга салып коюп кайнаткансың.

Жамийла, Даниярың бакыт издеп,
Сүйүүнүн сыйкырына башын ийет.
«Кызыл жоолук жалжалым» Аселтайың,
Иляска сүйөнүп, сүйүү издейт.

„Кыямат» сен жолуккан чала тагдыр,
Кылымдар сен сыяктуу өткөн бардыр.
«Кылым карытаар бир күн» романы,
Кыйланы ойлондурган ачык жанр.

«Канткенде адам уулу адам болоор»,
Айтканың жүрөгүмдө бекем толоор.
Кыргызым Чынгыз - жылдыз көөнөрбөгөн,
Атыңыз канат кагып, бийик коноор.

Окуткан окуучусун Дүйшөн агай,
Билимге көзүн ачты аккан суудай.
Алтынай өсүп чыкты агайындай,
Көтөрүп асыл жанды бийик туудай.







## ЖАНАТ КУТУҢ

Баарыбыз кам сүт ичкен пенделербиз,
Жакшылык Алла берсе келээр дейбиз.
Тээ бийикте жылдыз толо ойлогонум,
Кыргыз атын коргосунчу элдерибиз.

Ысыгы оттой жанган жүрөгүбүз,
Түндүктү бийик тутаар түнөгүбүз.
Элимдин эртеңкиси учук улап,
Өтөт гө билинбестен күндөрүбүз.

Тээ алыс аска зоодон көрүнө албайм,
Элимден бир карыш да бөлүнө албайм.
Кыргызым жүрүп жаткан кенен жолдор,
Ансыз мен бийик болуп өнүгө албайм.

Ким калыс, элегине элебеген,
Ушул доорбу?... бейгам болуп кенебеген.
Көп элбиз жашап анан тарых болуп,
Ар бир эл ханга боюн теңебеген.

Киндик кан тамган жериң Ата Журтуң,
Кенен жер басып жүрөт сенин бутуң.
Бапестейт өз койнунда Ала-Тооң да,
Ошол үй, ошол жерде жанат кутуң.

## АКЫН ЖАЗАТ

Аманбы?... акындарга салам жолдойм,
Акындарым асылдар баарың колдойм.
Силерге жакшы ырды арнап алып,
Сүйүнүп ак таңда силерди ойлойм

Баарыбыз бир эненин балдарыбыз,
Себепчи ырлар жазып калганыбыз.
Кудайга шүгүрчүлүк келтиремин,
Калат го тарых болуп жазганыбыз.

Тилегим аруузаттай бекемирээк,
Оюмда ырымды арнайм кененирээк.
Алыста жайбаракат жүрсөм дагы,
Сураймын ден соолукту бекемирээк.

Жем чачсаң куштар терет ырыскысын,
Учурат шамал чаңды бырыксытып.
А акын сөз берметин тизип терип,
Жакпаса ак баракты айрат тытып..

Ыр жазса акындарым сергип калат,
Жазган сайын рахат күчтү алат.
Калемим бычак миздей курчуса деп,
Көңүл кушун аздектеп обон салат.





## СҮЙҮНӨМҮН

Бул ырың маган арнаган арзуу беле?
Окудум атым атап койгон эле.
Бакубат жакшы жашоом муңайбаймын,
Өмүрдү жашап жатам гүлдөй эле.

Чын эле Аллах берген ден- соолугум,
Ырыңды окуп алып мен оорудум.
Бала-чака сыйлай турган кезим келген,
Сөзүңдү угуп туруп чын оолуктум.

Кесибим мугалимдик иштеп жатам,
Сырымды чыгарбастан ичке катам.
Ойлорум сары майдай сактап алып,
Ыр жыйнагым чыгып жатат эми сатам.

Саадат эжем Сүлүктүлүк...
ырыма жазды обон,
Кудайым берип жатса жанат тообом.
Кимдерге кызык болсом байланышсын,
Сыртымдан тон бычпасын деп ойлоном.

Үч кызымдын, бир уулумдун энесимин,
Аларга мен ар дайым кеңешчимин.
Бир кызым сатып алды бир чоң үйдү,
Бир кызым үй салды кубанычым.

Баарынын жакшылыгын бөлүшөмүн,
Аман болсом силер менен көрүшөмүн.
Ыр жазып арнап койсо барбалаңдап,
Жүрөгүм уйгу-туйгу сүйүнөмүн.

## СЕН КИМ ЭЛЕҢ

*(Атыргүлгө)*

Сен ким элең, эми ким болдуң түшүнбөймүн,
Кокусунан бир көргөн түшүм -түшүмдөйсүң.
Кандай эрки күчтү кыз элең тыкылдаган,
Эми минтип бүт жашооңу бүлдүрүп бүтүргөнсүң.

Тагдырдын кабылдыңбы соккусуна аябаган,
Байлыгыңа билимиңдин баркына карабаган.
Ошондуктан тагдыр дейт бешене дейт,
Пенде жок тагдырдын сыноосуна кабылбаган.

Башыңды ийип жеңилдим деп мүңкүрөбө,
Өзүңдү-өзүң жемелеп күнөөлөбө.
Башты көтөр сабырдуу бол арт жагыңа караба,
Жеткин эми бийиктерге өз эңсеген мүдөөңө.

Кайгырып балдарыңа капа болуп ыйлабачы,
Жан дүйнөңдү жабыркатып кыйнабачы.
Балдарың да түшүнөт мезгили келип буйурса,
Бактылуу күн да келет балдарың» апакелеп» сыйлачуу,

Эл журтуң бар жардам берип колун сунган,
Кучак жайып бар мээримин арнап турган.
Сен ыйлаба кайратуу бол, сабырдуу бол,
Дүйнөдө жакшы адам көп муктаждарга көңүл бурган.

Акындык талантың бар таштабай кайра башта,
Бул өнөрдү жоготпо, кадырлап бекем сакта.





Тайманбастан жаза бер көөдөн толгон ырларыңды,
Тагдырдын сыноосуна талантыңы алмаштырба.

Жакшы күндөр алдыда, бир күн келет жаркырап,
Караңгыны жарык кылып, жанат бир күн шам чырак.
Үмүт үзбөй алга карай кадамыңды таштагын,
Күтүп турат жакшылык,тээ кыраңдан кол булгап.

*Жазган: АШИМОВА ТУРГАНБҮ*

## ТАҢ АТТЫ

Таң атты, ирең-бараң жарык чачып,
Турдум мен таң эртелеп көзүм ачып.
Эртеңкиден бүгүнкүм өтө кызык,
Жашоонун кызыгына үмүт артып.

Ким билет алдыдагы ажайыпты,
Түш көрөм кээде укмуш калайыкты.
Түшүркөп чоочуп турсам таң уйкумдан,
Жакшылык үмүт менен бараткансыйт.

Самайлы жакшылыкты, байлыктарды,
Чөнтөккө толо түшкөн айлыктарды.
Тилейли башка конгон бакыт нурун,
Бала-чака, элимде амандыкты.

Түшөлү көлдө сүзгөн кайыктарга,
Учалы бүркүт болуп бийиктерге.
Айланып бүт ааламды саякаттап,
Жүрөлү көңүл куштуу жайыктарда.

Ким билсин алды жакта не болоорун,
Куш болуп алтын шакка бек коноорун.
Көз ирмеп күлүмсүрөп күн нур сымал,
Жадырап жайнап тургун таң эртелеп





## КӨЛДҮ КӨРДҮМ

Көлгө келдим эс алууга мен бүгүн,
Шарпылдаган угуп жаттым мен үнүн.
Касиеттүү көлүм менин жыргалым,
Сууга түшүп өткөрдүм мен ушул күнүм.

Бекеринен Алыкул атам дос болбоптур,
Көз мелжиген көлүмө ыр жазыптыр.
Жайыласың көздүн жоосун алгандайсың,
Кереметиң келгиле деп жайгандайсың.
Кыргызымды ааламга таанытып сен,
Келтирип келбегенди мактанасың.

Ким кызыкпайт көлүмдүн көркөмүнө,
Ким чөмүлбөйт айлана чөлкөмүнө.
Кайыктарың толтура адам жүктөп,
Кызыгамын көлүмдүн өскөнүнө.

Келип көрүп көлүмдүн сулуулугун,
Баа бердим го баа жеткис улуулугун .
Көпкөк болгон толкуну жээкке уруп,
Айдайт кеме бошотуп туруунтугун.

Ай ааламга жетиптир көлдүн даңкы,
Айланада жашаган жердин калкы.
Бардык элди кызыктырып сулуу көлүм,
Чакырасың конокко бардык жанды.

## КАЙРА КЕЛБЕЙТ КҮНДӨРҮҢ

Кайтып келбейт өтүп жаткан күндөрүң,
Бирок келет күндө уктаар түндөрүң.
Ар бир күнүң алмаштыргыс алтынга,
Чакырсаң да жетпей калат үндөрүң.

Ар бир күндө кайтарылбас тарых бар,
Баскан изиң түз баратсаң ошол тар,
Шүгүрчүлүк күндө туруп келтирип,
Күн келээрин маңыздуусун билип тур.

Кайтпайт артка жан соогала баары бир,
Ой толгооңдо калбасынчы эч бир кир.
Таамай айткан бешенеңе жазылган,
Кудай берген ырыскыны дагы бил.

Кайтпас жолдо ак тулпарды чапкыла,
Айран калбай түз жолдо да баскын да.
Өмүрүңдүн кайтпаганын билген соң,
Ала-Тоонун бийигинен ашкыла.

Ким билиптир пешенеңдин жазыгын?
Насип эткен мөмө шактын азыгын.
Баскан изиң байырласаң токтойбу,
Аттай кылып байлап койгон казыгын...

Тулпар басса салмагынан из калат,
Саяпкериң коңгуроолуу куш салат.
Булбул куш да кайталангыс үн менен,
Шаңшып учуп ырахаттан ал жанат.





Коом алмашып, анда жашоо баркталат,
Ак баракка жазган бойдон сакталат.
Аалам тегиз жер огунда айланып,
Жер соорусу кенен болуп жазданат.

Кайта келгис күнүм менин кубатым,
Ченөө берген менин сырдуу убактым.
Максаттарым аткарылат алдыда,
Өз оюмду айтып жатып жубандым.



## БАЛДАР НЕГЕ СУРАШАТ

Балдар кызык, суроосу көп жаралган,
Суроолорго жооптор неге таралган,
Жооп берсе да бербесе да суроого,
Ата-энеси муну кандай караган.

Түшүнсө да, түшүнбөсө балдарың,
Суроо салат билбей жатып жагдайын.
Достор менен ойноп анан убара,
Билбейт алар жашоо кызык кандайын.

Сен бар үчүн үйүм базар бапырап,
Жүгүрсөң да урушпаймын балдырап.
Мойнума асып эркелетем кубанып,
Суроо берсең угуп коём каткырып.

Эркелетем сени өстүрөм жашыңдан,
Суроо салсаң айтып берем башынан.
Сенин таттуу кыялыңа сүйүнүп,
Кетпей турам ойносоң да кашыңдан.

Бешиктеги балаң эми ким болот,
Айта албайсың жүрөгүңө ой толот.
Кучагыңда кубандырып бек кысып,
«Адам бол» – деп көңүлүм да жай болот.





## КҮНДӨР ӨТӨТ БИЛИНБЕЙ

Күндөр, күндөр суу сымал агып жатат,
Ичинде билинбеген сырлар катат.
Таң атып, кеч киргени билинбестен,
Шаркырап кудум суудай шашып агат.

Күндөр, күндөр сабалап бийик учат,
Кулактарга шыбырлуу сөз угулат.
Ким билет кандай күндөр өткөндүгүн,
Китептен окуп жатып сезим туят.

Күндөр, күндөр эшикте бороон сымал,
Удургуп учуп барат куюн шамал.
Үйлөрдүн чатырын жулуп алып,
Алып барат бозоргон кумдуу шагал.

Күндөр, күндөр жашыбыз өсүп барат,
Чоңоюп жоон болуп өскөн дарак.
Ошондой мезгилдин закымдарын,
Айтып турат жазылган аппак барак.

Күндөр, күндөр төрт мезгил ашуу ашат,
Билбеймин токтосочу неге шашат.
Адамдар күн өткөнгө шүгүр кылып,
Тирилик кылган сайын абдан бышат.

Күндөр, күндөр ыссык-суукка сабалат,
Ооруган көңүлдөр да дабаланат.
Кайдыгер жашооңдун булагынан,
Даам сызып, тилектер да дубаланат.

Күндөр, күндөр саат артынан кубалашат,
Кайдыгер болбош үчүн кусаланат.
Убакыт өткөн сайын капа болуп,
Тагдырлар кээде болбой ушаланат.







# САРАТАНДЫ КАРА ДӨБӨТ БИЛДИРДИ

*(Конкурска)*

Кара дөбөт менин үйдө жолборсум,
Кыштан, жайдан билем анын коркпосун.
Саратанды сезип жатат ал дагы,
Кордогондор аны такыр оңбосун.

Салаңдатып тилин жатат эшикте,
Сарай жакка кирип батты тешикке.
Үрүп чыкпайт бирөө келсе алдынан,
Чуркап чыгып жебей калды кешиктен.

Кышта болсо күрс-күрс үрүп жүгүрчү,
Итти карап жаман дешип түкүрчү.
Көлөкөлөп үнү чыкпай итимдин,
Күтүп жатат убакытты түн кирчү.

Чоң энемдин айткан сөзү эсимде,
Кыш айынын суук болгон кезинде.
Иттер кыштын суугуна чыдабай,
Айтат дечү чокой тигем мен кийчү.

Анан эле унутушат иттерим,
Саратанда күбүп бүтөт биттерин.
Саратандын ыссыгына чыдабай,
Суугa түшүп чөмүлүшөт киттерим .

Саратанды иттер билет биринчи,
Бирөө келсе үрүп чыгып билдирчи.

Ай дөбөтүм, саратанга чыдагын,
Кышка атап мээлей, чокой тиктирчи.

Тур тура гой, уктабастан ойгонгун,
Кой жайышып ары-бери толгонгун.
Өтө ыссык саратандын аптабын,
Бысып жатып, ыссыктыгын болжодуң.

Түн ичинде сен короону кайтардың,
Эшиктеги майда барат аңтардың.
Күн ысыкка тамак өтпөй чыдабай,
Эшиктеги сүзмөнү сен каңтардың.





## КҮН ЖЕБЕСИ

Таңда туруп карайм күндүн жебесин.
Ойлойм дагы ушул күндүн келбешин.
Саламымды жөнөтө албай убарам,
Жакшылыкты каалай берем эптесем.

Күндүн нуру тоо артынан чачырап,
Тоо мөңгүсү суугa айланып ажырап.
Бүт ааламга күн да тийсе теңтегиз,
Өз оюнду алып жүргүн асырап.

Күн тийбесе капа болом алсырап,
Жылуулугуң бере берчи жадырап.
Күнүм күлүп тийгенине сүйүнөм,
Сезимимде болом эне карлыгач.

Жашыл чөптү күндүн нуру чоңойтот,
Тирүү жанды күнүм тийип торолтот.
Күнүмдөгү витаминдүү азыгым,
Денебизди күнүм тийип козголтот.

Күнүм барда ачык даана жашаймын,
Ар бир жанга күч, кубатты каалаймын.
Күн азыгын өмүр үчүн таталы,
Ошол менин дем берүүчү таалайым.

## АЛТЫМЫШ ЖАШ КУРАГЫҢ

*(Жолдошум Оморов Абдымиталипке)*

Жан жолдошум, менин өмүр шеригим,
Сага арнап ырды жазып эргидим.
Куттуктоону айтып алып сергидим.
60 жаш кутман курак кут болсун,

Бирге жашап эң бактылуу күн өттү,
Жашоо кайык далай кызык көрсөттү.
Тамылжыган таттуу кыял өмүрлөр,
60 жаш өмүр багын көгөрттү.

Чыктың мына алтымыштын кырына,
Ичиң толо ушул жаштын сырына.
Уул-кыз көрүп, жетеледиң небере,
Угуп эми обон салчы ырыма.

Уулуң улан, жубан болду кыздарың,
Бийик чыгар комузуңдун кылдарын.
Жашай бергин мындан аркы жашоодо,
Дөөлөт берсин, карылыктын жылдарын.

Бир жашайлы Аллах берген өмүрдү,
Булгабайлы калган эми көңүлдү.
Жадырайлы, кадырлайлы өзүбүз,
Ынтымактар бизге карай төгүлдү.

Алтымыш жаш куттуу болсун берекем,
Бешенеме аман болчу сен бекем.





Узун өмүр, көп жашагын жаркылдап,
Жетелешип жүргөн да бир бак экен.

Жаркылдасын жайнап турсун жамалың,
Көрө бергин мындай жаштын далайын.
Дөөлөт берсин карыганда жашоого,
Жарык болсун сенин дайым маанайың.

## КҮН БАТЫП БАРАТ

Батып барат күн шооласы жашынып,
Тоо койнуна кирип барат багынып.
Карай албайм кызыл чоктой алоону,
Күндүн нуру батып барат ашыгып.

Акырын уясына кирди эми,
Жалп деп өчкөн оттой болуп билинди.
Көлөкөсү түшүп кечтин өңүнөн,
Кечке балдар сууга түшүп киринди.

Күн ысыктан суу муздагы билинбей,
Эртелетип сууга түшүп киринбей.
Кеч да кирди бүгүнкү күн биз үчүн,
Шамал болду бак-дарактар дирилдей.

Күн желеси тоо артына жашынды,
Малын айдап, чабан дагы шашылды.
Аялдары тамак жасап бат-баттан,
Кеч киргенче тамак берип ашыкты.

Челек толо сүтүн саап уйлардын,
Бээлери да кишенешип туйлады.
Керек болсо кеч болгонун билишип,
Карагерим үйгө жетип оонады.

Чөкө таанын сайрабастан кечинде,
Кеч болгонун билди окшойт бешимде.
Ала дөбөт аңдып кечки тамагын,
Борс - борс үрүп коюп жатат эшикте.





## БАРГЫМ КЕЛЕТ ДУБАЙГА

Көрүп калсам баргандарды Дубайга,
Баргым келет саякаттап ал жайга.
Коoздугуна көз ирмемде суктанам,
Теңелемби, чөнтөгү мол бир байга.

Кыргыздарым барган болсоң Дубайга,
Сени менен бир боломун ал жайда.
Кыдырамын ал жериңдин төрт бурчун,
Орундалат ойлорум да капкайда.

Кышта дагы жылуу болот билемин,
Жылуулугун барып көрүп келемин.
Кыдырамын түшүп алып кемеге,
Компас коюп билип алам жебеге.

Оюм кенен, жакшы менин тилегим,
Максат койсоң жетээриңди билемин.
Көргөн элем концерт берген ырчыңды,
Өз көз менен көрүп эми келемин.

Ырахатын таткан болсом жашоонун,
Иштен эми колум тийип бошоймун.
Өмүрлөшүм бирге барып экөөбүз,
Насип кошсо бараарымды ойлоймун.

Жок эмес го барчылыкка шүгүр дейм,
Топук кылып, кылганыма үзүр дейм.
Атаганат колум жетсе эгерде,
Самолетто азыр эле учсам дейм.

Өмүрүңдө бекем болсо ден соолук,
Гүлдестени сунат элем бир боолук.
Бажырайган бактылуулук күндөрдө
Башыма мен салынамын ак жоолук.







## АКЫНДАР БИЗ БАЙБЫЗ

Оо акындар! байлыгыбыз санайлы,
Сөзгө - сөздү , сөз берметин кынайлы.
Сезимдеги ырды жазып күчтөнүп,
Өзүбүздү ыр дүйнөдөн сынайлы.

Сөзгө байбыз, дилибизден жазабыз,
Ден - соолукту биринчи ирет карайбыз.
Аба сындуу өткөн ушул мезгилди,
Сындаганга ар - бирибиз жарайбыз.

Оо акындар!... ыр дүйнөдө биргебиз,
Достор менен ырды жазып иргейбиз.
Байлыгыбыз жазып коюп тарыхка,
Алоолонуп айга сырды теңейбиз.

Ыр жазганда окуп ырын биреөнүн,
Айтпай билип болсо дагы эреөнүн.
Ким бар болсо, бек кучактап биргебиз.
Байлыгыбыз бөлүшөбүз тилөөнүн.

Эргүү бир заматта эргийбиз,
Көңүл кушун жазып алып сергийбиз.
Максатыбыз заман жүгүн аркалап,
Байлыкка биз бир заматта жетебиз.

## БЕРЕКЕЛҮҮ ДАСТАНЫМ

Таза абада эрте туруп дем алдым,
Көргөнүмө өтө -өтө кубандым
Жашоо кызык өтүп жаткан күндөрүм,
Шашылыштан эргүү менен ыр жаздым.

Канат байлап учуп жүрөт ойлорум,
Ырым менин делебемди козгодуң.
Жалындаган жакшы көргөн ырларым,
Мен бар үчүн жаман болуп тозбодуң.

Күн шооласы чачырады жадырап,
Ыр жазамын сүңгүп кирип кадырлап.
Жарпым жазган жадыраган жайлоомдой,
Ыр жазууга өргө басам арымдап.

Берекелүү айтып бүткүс дастаным,
Ыр сатпаймын сураса да кардарым.
Дарегиңе жакшы сөздү арнаймын,
Таарынычым, урушканым жазбаймын.

Көрөңгөнү салып коюп уютуп,
Жаман сөздү калган болчум унутуп.
Ырларыма тийген болсо жаман сөз,
Душмандарды жок кыламын курутуп.





## ЖАЗЫМ, ЖАЗЫМ

Жазым, жазым, жазым менин жыргалым,
Жазылат го сага арнаган ырларым.
Жоогазындай жоодураган жамалың,
Жаз келгенде айтылат го сырларым.

Жазым менен жыпар жыттуу жел келет,
Жер болк этип жазым келсе термелет.
Жан-жаныбар, кыймылына жан кирип,
Ак булуттар көктү карай сермелет.

Жазым менен жарпым жазып мактанам,
Ачуу тийген жаз күнүндөн сактанам.
Орозонун оомат күнү башталып,
Жакшы тилек, жарым ырыс сөз салам.

Жазым келди ырыскыны мол кылып,
Мээрим төгүп күн нурунан жер жылып.
Рамазан айын бизге ыроолоп,
Сабыр берип ар бир жанга кам көрөт.

Жазым келип жылуулукту көп берди.
Сүйүү отун сүйүндүрүп жаз келди.
Жазым келип, сулуулугун суктантып,
Жадыратып гүл жыттантты бүт жерди.

## НАФИСА КЫЗЫМ-МАНАСЧЫ

Нафиса кызым Манас айтса кубанам,
Манас атам колдосун деп суранам.
Талантыңдан кагылайын секетим,
Талпынасың куштай болуп уядан.

Ким айталат Манастын ырын талпынып,
Саптан - сапка билинбестен камтылып.
Жароокерим жамалыңдан айланам,
Сен айтканда мен турамын аптыгып

Кудай берген талантыңа кубанам,
Бата берем , таңкы менин убарам.
Кагылайын мен айланган чырагым,
Бакыт берсин Аллахымдан суранам.

Эл алдында шаңшып чыгып үндөрүң,
Эсте калат Манас айткан күндөрүң.
Жароокерим жалындачы түбөлүк,
Элге жетти Манас айтып жүргөнүң.

Келчи кызым колуң бийик көтөргүн,
Элдин жүгүн ат жалына өңөргүн.
Кудуреттүү кубулжуган үнүңдү,
Көккө сиңип, Ала-Тоого жөлөнгүн.

Кызым менин кыялкечим эргийсиң,
Манас айтып бир азга сен сергийсиң.
Өзгөчө бир тийип турган айдайсың,
Окууда да алдыңа эч ким салбайсың.





Сенден күтөм жакшы кесип ээси бол,
Каалай берем даңгыраган аппак жол.
Тегирмендин парасындай айланып,
Айланаңда телегейиң болсун мол.

САГА ЫР АРНАП ЖАЗГАН ТАЕНЕҢ:
КУТМАНОВА АТЫРГҮЛ ЧАТКАЛ



## ДАРЫГЕРИМ

Дарыгерим дайым сени сүйөмүн,
Сен айтканды эске түйүп жүрөмүн.
Адам үчүн ажал менен тоорушуп,
Жүргөнүңдү чын жүрөктөн билемин.

Түн уйкуңду безгениңден айланам,
Тез жардамды берген үчүн байланам.
Даяр болуп, шамдагайсың ар убак,
Чын дилимден алкыш айтып таңданам

Силерсиңер колу жеңил мээрмандар,
Силер барда айыгышат адамдар.
Гипократтын антын кармап ар дайым,
Алга карай шашкан болсун кадамдар.

Ак халаттын өңү айтып тургандай,
Гүлдестени колго кармап сунгандай.
Ар бир жанга берип өмүр азыгын,
Болсун күнүң өтүп жаткан майрамдай.

Жазган ырым гүлдесте деп сунамын,
Айыгам деп сенден үмүт кыламын.
Жылуу сөзүң оорукчандан аяба,
Майрамыңды мен куттуктап турамын.





## ОШТУ МЕН ЖАКШЫ КӨРӨМ

Көркөмүң сонун Ош шаары,
Сүйүшөт сени эл баары.
Студент болгом Ошто мен,
Сүйөмүн сени мен дагы.

Көргөндүн көөнүн бурасың,
Кулпуруп дайым турасың.
Арзанын көрүп шаарымдын,
Көңүлдү дайым бурасың.

Буркурап чыгат гүл багың,
Көрсөм деймин мен дагын.
Көз жоосун алган базарың,
Жыты аңкып тартат кардарың.

Студент болсоң жыргайсың,
Ыр ырдап кечке тынбайсың.
Береке берген Ош шаарым,
Курсагың тоюп жыргайсың.

Үйлөрүн салып башкача,
Жашайсың калкым артыкча.
Түн ичи шаарым жапжарык,
Карайсың моокум канганча.

Жашарып шаарым жапжашыл,
Гүл сымал болуп сен ачыл.
Ош шаарын жакшы көрөмүн,
Өтсө да нечен жыл бачым.

## МУГАЛИМДИ ТҮШҮНГӨН

Кимдер билбейт мугалимдин азабын,
Кимдер ичпейт билим суунун казалын.
Наристени жетелишип колунан,
Салбай койбойт бала үчүн назарын.

Мугалимден алган билим энчисин,
Колго кармап, белегим деп билчүсүң.
Билимдүүнүн казынасы молдугун,
Иштеп жатып, сен ойлонуп калчусуң.

Кимдер гана билим кенин казбады,
Мектеп уя, учпай андан калбады.
Окуу жайын ийгиликтүү аяктап,
Акча кармап, маянасын албады.

Кимдер гана мугалимди түшүндү,
Тарбияны таамай берген үчүнбү.
Кол булгалап кетсе дагы алыска,
Салам айтат мугалими үчүнбү.

Баласынан жакын көрөт мугалим,
Алса экен деп түйшөлүшөт көп билим.
Окуучусу билген болсо көп нерсе,
Мугалимдер арнап коет бүт дилин.





## АКМАТ АГАМ-ТУУГАНЫМ

Акмат акем дилгирим,
Баарына айтып билдирдим.
Боорукер агам көп айтып,
Туугандык сөздү сиңдирдиң.

Комузду агам кармадың.
Обондуу ырдан ырдадың.
Усулдап чаап уста агам,
Беттерин кооздоп сырдадың.

Үнүңүз чыккан булбулдай,
Обонду создуң буйдалбай.
Тууганчыл элең чын сырым,
Турчуусуң жанга багынбай.

Балдарың сендей тууганчыл,
Тарбия бердиң нак чынчыл.
Балдардын көрбөй урматын,
Оо дүйнө кеттиң жаш кырчын.

Элесиң дайым сыйлаймын,
Агамды эстеп ыйлаймын.
Боорукер болгон бир боорум,
Жеңемди аяп сыйлаймын.

## УУЛ-КЫЗ БАГАМ

Балам деймин бапестеймин багамын,
Чоңойткончо аста бас деп айтамын.
Кыз чоңойтуп кызгалдактай кулпунтуп,
Жөлөк болуп колдон алып тартамын.

Камын көрөм, ашын белен даярдап,
Аста бас деп , колун кармап аярлап.
Чоңойсо деп күндө тилеп Кудайдан,
Конушуна консо экен деп абайлап.

Уул багамын мени дайым бакса деп,
Сөз ушатам кулагына күндө кеп.
Угаар бекен мен чоңойткон балакай,
Кулагыңа уккулуктуу сөздөн сээп.

Балам дейсиң, жаны башка ал деле,
Ыйман берсин уул-кызыңа көп беле.
Ырыстуумун ырашкерлик бирге деп,
Мактанамын бакыт нуру сепсе эле.

Балам дейсиң, балам деле балам дейт,
Эне мээрим күндөй чачат билинбейт.
Эне-бала аман болсун айтарым,
Бала үчүн жүрөк сыздап дирилдейт.





## НООРУЗ КЕЛДИ

Нооруз, нооруз жаңы жылым келдиңби,
Кубанычка бөлөдүңбү элиңди.
Таш жарылып, жашыл шибер чөп чыгып,
Жаңы күн деп которулуп жеңдиңби.

Ким болсо да тосуп алып майрамды,
Ырдан ырдап сайранды биз куралы.
Сүмөлөктү жасап алып өзүбүз,
Ооз тийип даамын татып туралы.

Күн теңелди түнүм менен бипбирдей,
Аалам тегиз, мусулманым бүтүндөй.
Ак тилегин айтып алып тилешип,
Селкинчек тээп оюн ойноп бүтүрбөй.

Тамак-ашын улутумдун жасашат,
Бир-бирине жаркын маанай каалашат.
Кыргыз кийим кийинишип кыз-келин,
Обон созуп, бир-биринен талашат.

Күнүм күлүп жерге тийип шооласы,
Жаздын жыты келип турат ооматы.
Энекелер пейилиңер жароокер,
Жер эненин окшойсуңар башаты.

Кыргызымдын жаңы жылы жаңырсын,
Каада-салттар элим үчүн чачылсын,
Биримдигиң эриш-аркак бир жашап,
Кыргыз элим гүлдөй жайнап ачылсын.

Нооруз майрам ар бириңе кут болсун,
Үй-ичиңе ырыскылар мол толсун.
Майрам шаңы кут, береке элимде,
Ынтымагың, ырыскылуу кут консун.







## СҮЙҮҮ КҮНҮ

Сүйүү күнүн белгилешип баратат,
Жүрөктөгү эргүүлөрдү жаратат.
Сүйүү өзү ар бир жанды мас кылып,
Ички сезим туюп сени каратат.

Сүйүү күнүн гүлдөй жанып тоскула,
Жүрөгүнө сүйүү балдай тамгыла.
Картайбастан сүйүү туман ичинде,
Бир эскерип оттой болуп жангыла.

Сүйүү деген эргүү тура көңүлдүн,
Өчүрбөйлү гүлүн жанган өмүрдүн.
Чычаласын кармап алып алоолоп,
Жандыргының күйгөн чырак билигин.

Билгин бүгүн жүрөгүңдүн дарысын,
Сүйөм деген уккан болсоң дабышын.
Бакыт изин издеп көрүп багынтып,
Тыңшап көргүн жүрөгүңдүн кагышын.

Сүйүү-жашоо күйүп, жанып бир келген,
Дем аласың сүйүү оту бир демден.
Көпөлөктөй жытын жыттап гүлдөрдүн,
Тандап туруп жүрөк издейт кимдерден.

## ЖАШОО АГЫМ

Күндүн нуру жерге тийип жаркырайт,
Аппак карым чагылышып жалтырайт.
Жашоо агым дагы бир күн уланып,
Берекесин күнүм берип жадырайт.

Күндү көрүп, шүгүрчүлүк келтирип,
Ак таңында насиптерди жедирип.
Жакшылыктар багындырсын жүрөгүң,
Жакшы тилек, жакшы үмүт тердирип.

Жагалмайдай жарпың кошо жазылып,
Күндүк иштер моюн толо асылып.
Аруу тилек айтып алып өзүмө,
Мен жөнөймүн мектеп карай шашылып.

Жолдо келет ишкерлерим тез басып,
Кечиккендей ишин карай ал шашып,
Кээ бирлери малын карап убара,
Малы үчүн аштоолорго чөп ташып.

Кел тууганым сүйлөшөлү бир саамга,
Чай ичели биргеликте шашылба.
Мээр акыбет берсин бизге Аллахым,
Чечишели бүтпөй калган иш барбы.





## МАРТ АЙЫ

Мына келди бир жылмайып март айы,
Кетти, кетти артын карай кыш дагы.
Март айынын сегизинде майрамдап,
Кыз-келиндер болуп турат сайраны.

Силерсиңер көңүлү шат жайдары,
Каткырыктар калың чыгып кайдагы.
Жалындаган жадыраган аялзат,
Окшошсуңар тамылжыган айдагы.

Келет бизге 8-мартыбыз,
Жарашыктуу аял деген атыбыз.
Сезимибиз толуп турган жүрөктүн,
Аял-эне мээрим чачкан затыбыз.

Март айында жадырайбыз гүл ачып,
Жыпар жытын буркуратып биз чачып.
Майрамыңда майрамдайлы жасанып,
Букет, букет куттуктоолор, гүл алып.

Биз жашайбыз көңүлүбүз жайдары,
Үй-бүлөнүн түркүгү го биз дагы.
Уул-кызга мээрим төгүп турабыз,
Бала үчүн күн шооласын чачалы.

## МЕКЕНЧИЛ ЖООКЕРЛЕРИМ

Жоокерлердин жүрөгүнүн оту бар,
Билем аны жоокер жазган катынан,
Алоолонгон аска бийик тоодойсуң,
Айланайын жоокер деген затыңан.

Сен бар үчүн желек көктө желбирейт,
Энелерде жүрөк толкуп элжирейт.
Мекен чегин майтарбастан кайтарып,
Оозун баскын душман неге келжирейт.

Майрам келди кубанычка бөлөнгүн,
Мекен жүгүн бек кучактап өңөргүн.
Манас ата осуятын аткарып,
Ала-Тоону сактаймын деп жөлөнгүн.







## КАБЫЛ БОЛСУН ОРОЗОҢ

Салам достор кабыл болсун Орозоң,
Туткан болсоң Аллах өзү колдосун.
Отуз күнү ооз бекитип, ооз ачып,
Жакшылыктар жалындасын жолдосун.

Рамазан баарыңарга кут болсун,
Ак ниеттер, жакшылыктар коштолсун.
Ниет таза ыйман нуру себелеп,
Жамандыктар арууланып жок болсун.

Ынтымактар толгон болсун үйүңө,
Күндө кирсин ырыс-кешик төрүңө.
Ыйман нурдун эшиктери ачылып,
Чачаласын чачкан болсун соңунда.

Адам пейли Кудай каалап оңолсун,
Ак бешикте алдей бөпөм чоңойсун,
Кудай берген кудурети ошондо,
Орозодо айткан ниет кабылсын.

Адамдардан күнөө качып кутулсун,
Отуз күндүк Орозолор тутулсун.
Кабыл болуп туткан болсоң Орозоң,
Кара өзгөйлүк, жаман илдет жутулсун.

Оо жараткан саган баарын тапшырдым,
Көңүл коюп, айтып алып батырдым.
Кабыл болсун отуз күндүк Орозоң,
Айткан сөзүм ар бириңе калтырдым.

## КУТТУУ БОЛСУН ОРОЗО АЙТ МАЙРАМЫҢ

Отуз күндүк орозону туттуңар,
Үй ичине толду окшойт кутуңар.
Тазаланып аруу тилек оюңар,
Туткан болсоң орозону уттуңар.

Учкан куштай убакыт да закымдап,
Орозо айт да келди мына жакындап.
Элим үчүн каалайм элдин тынчтыгын,
Желе сымал келген болсун закымдап.

Өткөн күндү санайм бүгүн шурудай,
Билинбестен күндөр өттү куюндай.
Айтта эртең жаңы кийим кийинип,
Тууганыңдын үйүнө бар бурулбай.

Орозо айт майрамдалчу салтыбыз,
Майрамыңды майрамдайбыз жалпыбыз.
Аруулукта ак батаны айталы,
Жылуу сезим менен үйгө кайталы.
Бири-бирибиз каалоо айтып аздектеп,
Аруу сезим чачаласын чачалы.

Кыргызмын деп чын жүрөктүн жалынын,
Жалбырттатып чоктой болгон деминен.
Жакындарга сөз берметин узатып,
Айланамын айттап жүргөн элимден.





## ЧАТКАЛ ТӨРҮМ

Бийик тоом, Чаткал төрүм мелжиген,
Ак булуттар көктү карай ээрчиген.
Арча, кайың тоо бетине көрк берип,
Тоо-ташыңа сүрөт болуп чегилген.

Сулуу төрүң, Аюу төрүң кең жайлооң,
Аба салкын, малга жайыт айдарым.
Бетегеси белге жетип буралып,
Атты минип аралаган кут жайлоом.

Чатыр тигип тоо этектеп малчылар,
Уй сааганы тоого чыгат саанчылар.
Чаткал төрүм чалкып жаткан кененсиң,
Чакырамын келгилечи баарыңар.

Чаткалымдын кенендигин мактанам,
Душмандардан суук көздөн сактанам.
Сени менен кошо болот таалайым,
Жолуң алыс болсо деле даңктанам.

Алтын кени кызыктырып көздөрүн,
Ар ким кошот кызык, кызык сөздөрүн.
Кытайлары келип алып фирмага,
Капка салып жөнөтүшөт таштарың.

## ЖАЗЫМ КЕЛДИ

Жазым келди жерге берип жылуулук,
Табигатым тартуу кылып сулуулук.
Күн шооласы карды эритип сел кылып,
Төргө өткөздү жазга берди улуулук.

Буркан-шаркан дарыяда суу акты,
Тоо боорунан көрдүм таза булакты.
Ичкен сайын ичкиң келет суусунан,
Келин-кесек суу алышып кубантты.

Тоолор дагы ак көйнөгүн чечишти,
Таштан жасап седеп кадап келишти.
Киндиктешип уланышып боорлошуп,
Жашайбыз деп тоолор дагы чечишти.

Бак-дарактар жамгыр жааса жуунуп,
Бүчүр байлап жаз демине сүйүнүп.
Даярданып гүл ачканы бүчүрлөр,
Кадимкидей түйүнчөгүн түйүнүп.

Кой-козулар сереңдешип чуркашып,
Балдар болсо атты минип учкашып.
Тоо этектеп коюн жайып сүрдүгүп,
Ойноо балдар куушуп ойноп чуркашып.

Тоо боорунда байчечекей гүлдөдү,
Сайрап куштар бирин-бири үндөдү.
Кубулжутуп булбул сайрап багымда,
Жашоо нугу алмашкансыйт күндөгү.





## УЛУТТУК ТАМАКТАР

Кыргызымдын тамактарын айтамын,
Элесимде даамын билип кайтамын.
Той, ашында дасторконду жайнатып,
Улуттук тамактарды баалаймын.

Жылкы союп, казанында кайнатып,
Дасторконун кенен кылып жайнатып.
Чучук салып эт кайнатып бышырып,
Уча тартып, куда күтүп айлантып.

Соку менен сокбилегин белендеп,
Көжө жанчып чарчагансып элеңдеп.
Көжөсүнө айран кошуп шашылып,
Сунат чыны, мелт-калт кылып энтелеп.

Жаргылчакта талкан жасап айлантып,
Шаша-буша жарма жасап кайнатып.
Талкан чалып бышкан сүттүн каймагын,
Чоң энелер жасап койгон жайнатып.

Кой майына кууруп коюп ундарын,
Аталасын сүткө чалып кайнатып.
Талканынан жарма салып бышырып,
Даяр тамак жасап койгон ачытып.

Угут салып бозо салган энелер,
Ичип келген каны аз жеңелер.
Айран, кымыз куюп сунган чыныга,
Ат үстүнөн ооз тийишкен келгендер.

Негизинен жазып койдум билгеним,
Кулагыңа күмүш сырга илгеним.
Нукура даам таткыла деп мен дагы,
Жасай билдим тамактарды ирдендим.







## МЕКЕНИМ – МЕН БӨЛӨНГӨН БЕШИГИМ

Мекеним – мен бөлөнгөн бешигим,
Мекен-менин ачып койгон эшигим.
Чалкып жаткан жашыл төрүм мелжиген,
Сен атамсың, сен энемсиң бейишим.

Көргөн болсоң тукабасын жайгандыр,
Элим дагы той-тамаша салгандыр.
Көркөмүнөн көөнүң толуп кубанып,
Асыл таштар тоо этектеп кулашып.
Күңгөйүнөн күнгө күйүп бетеге,
Тескейлерин терип жешти малдарың.

Мөңгүлөрдөн аккан суулар топтолуп,
Киргил тартып өңү бопбоз кооптонуп.
Кирген сууда агып жаткан агындың,
Коркунучтуу күрпөн-шаркан укканым.

Улак тартып, боз уландар чаптырып,
Тебелетип улактарын бастырып.
Көз карашы өз Мекендин султаны,
Ат чабышып, кыз-жигиттер каткырып.

Ар бириңди ак бешикке бөлөдү,
Сени, мени эне байкуш төрөдү.
Кеңдигинен алпештеген Мекендин,
Ат жалына эр жигитти өңөрдү.

Пейилинден айланайын Мекеним,
Сени менен түбөлүккө биргемин.
Сендей болгон алпы бекен дүйнөнүн,
Жүрөгүмдүн тереңинен искеймин.

## ӨМҮРҮҢДҮН КАДЫРЫ

Чыйыр жолдой өмүр сен да басасың,
Басып барчум бакыт кушун самайсың.
Өргө чыгып өмүр берчү жакыным,
Тоодон ылдый аккан сууну карайсың.

Көңүлүңдө уйгу-туйгу сырлардын,
Кайгысынан ашуу ашып кырлардын.
Өмүр багын сересинен багынтып,
Балды татып, кайда өмүр деп ырдайсың.

Узак өмүр жыйнагынан термелеп,
Улангансып ак жоолукту булгалап.
Кадыр, көңүл өмүрүңдү узартып,
Өмүр өтсө өлбөс изиң уланат.

Кыска өмүрдө өкүнбөстөн жашайлы,
Адамдарга кең пейилди каалайлы.
Адашпастан чыйыр жолдо жөргөлөп,
Оо дүйнөгө адам бойдон барайлы.





## АЛЫКУЛ АКЫН

Алыкул деп ысмың жакын сезилет,
Сен дегенде элиң катуу эзилет.
Алыкулдун жазган ошол ырынан,
Кереметтүү ыр саптары берилет.

Көрөңгөлүү ырдын ошол саптары,
Жазылбаган, айтылбаган калптары.
Окуганда сенин жазган ырыңан,
Таасир алат акындардын алптары.

Ала-Тоонун көркү болдуң Алыкул,
Ырларыңа жан киргиздиң анык бул.
Ырларыңдын боегунун түздөрү,
Окшобогон бири-бирине ачык гүл.

Ысык-Көлгө суктандырып өзүңдү,
Толкунуна түшүргөнсүң көзүңдү.
Орток болуп чымырканып көлүңө,
Куюлуштуруп жазып койдуң сөзүңдү.

Мен да көрдүм көпкөк болгон көлүңдү,
Ошол жакка бурдум мен да көөнүмдү.
Аз өмүрдө дос болгонсуң көл менен,
Билдим мен да көтөрүпсүң көңүлдү.

Ырлар калды ичиң толо муңканып,
Акындарың сага калды суктанып.
Из калтырдың ошол жолдон басайлы,
Кыргызыма Алыкулдан кут калып.

Сен оорудуң таппай калдың шыпаасын,
Сен өтсөң да каймагысың ырлардын.
Күрс-күрс жөтөл сени көпкө кыйнады,
Атың чыгып дүңгүрөттү ааламды.

Сени дайым унутпайбыз ант берем,
Ырларыңдын маанилери эң терең.
Сендей асыл, сендей укмуш адамдын,
Урмат-сый аягансып мен келем.







## ЧЫНГЫЗ-АЛПЫ ААЛАМДЫН

Чынгыз өзү калем кармап колуна,
Ойчул терең, баткан аалам койнуна.
Оргуштаган курч сөзүнөн жаралган,
Алган парзды жазам деген мойнуна.

Кыргыз деген ат таанытып ааламга,
Жазуучуну берген ушул заманга.
Жарык дүйнө, оомал-төкмөл дүнүйө,
Кулк мүнөзүн берип койгон каарманга.

Нургазыны Ак кемесин күттүргөн,
Даниярды Жамийланы сүйдүргөн.
Алтынайдын ачып билим сабатын,
Орозкулду арак ичип күйдүргөн.

Ысмайылдын өзгөртпөстөн өз ысмын,
Тааныткан го китеп жазып ал иштин.
Илиясты жолуктуруп Аселге,
Жетпей сүйүү азабынан ал кийин.

Деги айтсам делебеңди козгогон,
Маңкурт кылып Жоломаны онтогон.
Китептери которулуп көп тилге,
Жазуучунун эмгектери көп болгон.

Чынгыз-сенсиң алпы болуп ааламдын,
Эң чыныгы жазуучусу болдуң ушул замандын.
Сени менен сыймыктанат кыргыз эл,
Изи калды ак баракта каармандын.

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Кыргыз тилим мени, сени сүйлөткөн,
Энем менин кыргыз тилим үйрөткөн.
Жаратканда каным менен жаралган,
Оо улуу тил! дилим менен күүлөткөн.

Сен бийиксиң Ала-Тоодой бийиксиң,
Сүйлөбөсөң элден чыккан кийиксиң.
Жалт карасаң кыргыз тилиң баа жеткис,
Өзөк болуп пайдубалга тийипсиң.

Кыргыз тилим түгөнбөгөн байлыгым,
Маянамсың, күндө алган айлыгым.
Энекемдин боор этинен билгемин,
Жаралганда жаным бирге азыгым.

Келечекке тилим менен умтулам,
Жетпей калсам дитим менен умсунам.
Кыргыз болуп, сүйлөбөсө кыргызча,
Мен ошондо таяк кармап кол сунам.

Күйүп кетем билбей турса кыргызча,
Улутунам жүрөгүмдөн ушунча.
Кыргыз тилим даңазалайм ааламга,
Ал мен үчүн алмаштыргыс башкага.





## ТЫНЧТЫК КЕРЕК

Тынчтык деп согот жүрөгүм,
Тынчтык деп жашап жүрөмүн.
Душмандын жебей соккусун,
Жолотпой жакын үйрөндүм.

Тынчтыкты каалайт жер дагы,
Жашаган бардык эл дагы.
Жалтанбай карап душманга,
Соккусун бергин сен дагы.

Ай нурун чачып элиме,
Абайлап сакта дээринде.
Мекенде тынчтык орносо,
Эл ичи толот мээримге.

Куушуруп колду отурбай,
Ичиңе муңду толтурбай.
Сактангын элим сактангын,
Согушту такыр болтурбай.

Күйүмдүү болуп кишиге,
Тынчтыкты орнот ичиңе,
Сары оруу кылбай жүрөктү,
Ынтымак орнот ишиңе.

Таалайлуу болгун ойлонгун,
Үйүңө тынчтык орносун.
Ынтымак бузуп жүргөндүр,
Сага бир тийген оңбосун.

## 1-МАЙ ЭМГЕКЧИНИН МАЙРАМЫ

Келе жатат эмгекчинин майрамы,
Шаңга бөлөйт ошондогу сайраны.
Желек кармап желбиретип асманга,
Делебесин козгоп үмүт жанганга.

Эмгекчилер пешене тер тамыза,
Багбандардын берекеси колунда.
Эмгегинен эли үчүн таанымал,
Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймак да.

Ак эмгеги мээнетинен жаралган,
Даңазасы абасынан таралган.
Үзүрүнөн ошол кылган эмгектин,
Бакыт издеп бардам болуп бааралган.

Оо эмгекчил! ошол сенин үзүрүң,
Ак нан таап жейсиң таза үзүмүн.
Мына сага алкыш айтып турамын,
Өзүң жегин мээнетиңдин түзүгүн.





## АЛА-ТООМ-БИЙИК МАКСАТЫМ

Ала-Тоом аскаң, бийик зоолоруң,
Уламалап улашкансыйт тоолоруң.
Көөдөнүмдү бийик кылып көтөрүп,
Сени көрүп максатымды койгомун.

Ак калпагың Ала-Тоонун символу,
Кылым жашап койгон окшойт тоолору.
Аталардын ак калпагы көрүнүп,
Ата-аска, эне боордогу.

Ала-Тоонун бийигинен аскасы,
Элик, кулжа сереңдешип басканы.
Мергенчиси мээлеп атып түшүрүп,
Тоголонуп түшөт корум таш дагы.

Көркүң сулуу кереметтүү Ала-Тоо,
Курама таш кыналышкан аска зоо.
Ак мөңгүсү сай-сайларда ныкталып,
Эригенде сели дагы аккан жоо.

Ала-Тоо көркко бөлөйт сени элиң,
Ыргагы угулгансыйт мээлүүн желиң.
Арчалар көрк беришип сага дайым,
Кучагыңда жан-жаныбар кенен пейлиң.

## ЖАМГЫР, ЖАМГЫР

Жамгыр төгүп жердин бети көлдөдү,
Ылай болуп балдар кулап жүдөдү.
Тамдын дагы моорусунан тамчылап,
От жаксам да отум жакшы күйбөдү.

Малдын дагы чыла болуп сарайы,
Төл козуну өлтүрбөстөн карайлы.
Жамгыр жааса жаз күнүнүн белгиси,
Тамчысынан ырахатты алалы.

Нөшөрлөгөн жамгыр үнүн угайлы,
Кол чатырга бекинбестен турайлы.
Жаздын күнү жаш балача башкача,
Жаш көңүлдү, шаңдуу жакка бурайлы.

Ак жаан  жаап мынча жерде өчүң бар,
Чөп-чарыңды жууп жаткан күчүң бар.
Тоо этектеп байчечекей гүл ачып,
Жайнап жерге өсүп чыккан гүлүң бар.

Жамгыр, жамгыр тыбыраган дабышың,
Сел болосуң себеленип агышың.
Сүйүшкөндөр жамгырыңа карабай,
Кыналышат кыз-жигиттер таанышың.

Жер көгөрөт жаан-чачындын көбүнөн,
Байкайсың да жашыл болгон чөбүнөн.
Жаасын, жаасын себеленип билинбей,
Эгин-тегин көп болсунчу дүңүнөн.





## ЧАТКАЛ ДАРЫЯСЫ

Көзгө толот дарыянын агымы,
Таштан ташка урулушуп агышы.
Толкундары толкуп, ташып булкунуп,
Кутургансып ээ-жаа бербей  улушу.

Кээде толкун урунгансыйт жээкке,
Жыгылгансыйт тийсе толкун терекке.
Күбүр-шыбыр үн чыккансыйт дайрадан.
Эки адамды сүйлөштүрбөй бул жакта.

Тоонун суусу тоголонуп баратса,
Көзүң коркот опурталды   жаратса.
Шойкомунан чоочуп карап бирөөлөр,
Шылдыр үнү шайды оодарып каратса.

Чаткалымдын дарыясын көргөндөр,
ГЭС курат деп, оюн ишке бөлгөндөр
Узун дайра Ташкент карай созулат,
Баарын билет ат минишип  жүргөндөр

Тоодон ылдый аккан суулар оргуштайт,
Тоголотуп чоң таштарды толуктайт.
Тоо этектеп сүрүп келип таштарды,
Жыйнап коюп таштандыны чогултат.

Дарыядан атты минип өткөндөр,
Үзөңгүгө сууну кечип жүргөндөр
Агын суунун өткөн шыбырт шамалы,
Башын ийип термелди го бадалдар.

## СҮЙҮҮНҮН КЕРЕМЕТИ

Алоолоп жүрөк кургур дегдеп жүрөт,
Сен үчүн арзуу айтып дагы күлөт.
Жалбырттап оту өчпөй жалындаган,
Жакынын жолуксам деп өмүр сүрөт.

Сүйүү – бул күчтүү кылып элтеңдетет,
Жагымдуу маанай менен эркелетет.
Сүйүүнүн жалынына кусаланып,
Тээ алыс жакка дагы ээрчип кетет.

Сүйүүгө жеткен да бар, жетпеген бар,
Азгырылып барса кээде эшиги тар.
Коломтоңдо күйүп турса кыпкызыл чок,
Оттой ыссык, сүйүүнүн ыссыгын көр.







## ЧОҢ ЭНЕМЕ ЭРКЕЛЕП

Ойногонмун кыздар менен жарышып,
Топ ойногом чимирилип алышып.
Элесиме элес берет ал жаштык,
Көөдөнүмдө жомок болуп калышып.

Оо жаштыгым, балалыгым келсеңчи,
Эми мага жаштыгымды берсеңчи.,
Ташты тизип ташканчагын ойногон,
Таттуу кыял өмүрүмдүн сереси.

Чоң энеме чоңойсом да эркелеп,
Ээрчүчү элем айылдаса энтелеп.
Чай ичкенде отургузуп артына,
Момпосуйду мага берген бекитип.

Балалыгым башкачасың өзгөчө,
Оюмдасың эстен чыкпайт өлгөнчө.
Тоо этектеп байчечекей гүл терип,
Энекеме гүлдестени бергенмин.



## БАЛАЛЫГЫМ

Балалыгым так секирген чунагым,
Өттү-кетти  сезимимде ынагым.
Баскан изим калды артта билинбей,
Бактылуулук күндөр өттү жыргалым.

Камчыланып атты мингем ашыгып,
Чаап аны жүргөн элем машыгып.
Тал чыбыктай  табышмактуу ийилип,
Атым менен уй айдагам качырып.

Кыздар менен ойноп алып топ ташты,
Тоо артына бекингенсип ал качты.
Кээде чуркап көпөлөктү кубалап,
Күн артынан тоголонуп күн батты





## ТООДО ӨСКӨМ

Жаңы конуш көчкөн элек жаңылап.
Журт жаңыртып барган элек арылап.
Төрт түлүк мал жайып жүргөн акеме,
Айдашчумун тоого жайып козу-улак.

Бетегеси белге оролуп жайлоонун,
Эч көрүнбөй калат болчу бойлорум.
Соорон акем атка мени мингизип,
Жайлоолордо жайып жүрчү койлорун.

Ошол тоонун  таза эле абасы,
Жайлоолордун алыс болчу арасы.
Көп жыл өттү чоңойгонмун тоодо эле,
Болсо керек берекелүү дабасы.

Чатырларда жашап көргөн жаштыгым,
Жадабастан өткөн экен марттыгым.
Жамгыр жааса дыбырт эткен үнүнөн,
Ойгонгонмун уктап жатып көндүмүм.

## МАЗМУНУ


БАШ СӨЗ ... 3
АТАКЕМЕ ... 6
МУГАЛИМДЕР-БААРДЫГЫНЫН БАШЧЫСЫ ... 8
ӨМҮР ӨТӨТ ... 9
КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ ... 10
ЫР ДАГЫ БОЛСО БЕЛЕГИМ ... 11
КАБЫЛ БОЛСУН ОРОЗОҢ ... 13
КУДАЙЫМА ЖӨН КОЙОЛУ ... 14
МЫСКАЛ ДЫНЫСТАНОВА ЭЖЕКЕ ... 16
ӨТСӨМ МАКУЛ АТЫРГҮЛДҮН ЫШКЫНДА ... 17
ООБА ДЕСЕҢ ... 18
МЕН БАШКА АТЫРГҮЛ ... 19
РЫСПАЙ КИМ? ... 20
РЫСПАЙ – СЕН ЫРДАГАН ЫРЛАРЫҢ ... 21
АЛТЫМЫШ ЖАШКА СЫРЛАРЫМ ... 22
КУТТУУ БОЛСУН ... 23
ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ КЕЛЕГОЙ ... 24
ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ КЕЛЕ БЕР ... 26
ЖАШОО АГЫМЫ ... 28
МЕН ДЕЛЕ ... 29
КОМУЗУМ ... 30
ОЙ-КЫЯЛЫМ ... 31
ЭГЕМЕН ӨЛКӨМ ... 33
СҮЙҮҮ ӨЗҮ КЕРЕМЕТ ... 35
ДОСУБУЗ СУЛТАНГА ... 36
ЖАШТЫГЫМ КАЙРА КЕЛСЕЧИ ... 37
АЙЫЛЫМ – МЕНИН КЕРЕМЕТ ... 39
ЖАШТЫГЫБЫЗ ӨТТҮ ЭМИ ... 40
МЕКЕНИМ – МЕНИН ЫЙЫГЫМ ... 42
ЖЕҢИШ КҮН ... 43
ЖАШТЫГЫМ ӨТКӨНБҮ ... 44
ЖАЗГЫ ЖАМГЫР ... 45
САЛАМ АЙТАМ ... 47
КАРЫЛЫК ... 49
МАТЕМАТИКА ... 50
МЕКЕНИМ ... 52
КҮНДҮ КӨРДҮМ ... 54
ЖАЗ ГҮЛДӨРҮ ... 55
ЖАРАТЫЛЫШ КООЗДУГУ ... 56
ЖАШОО БУЛАГЫ ... 57
БУРУЛКАНГА ... 58
ӨТТҮ ЗАМАН ... 59
МЕКЕНИМ ... 61
ЖАЗ АЙЫ ... 62







ЖАЗГЫ СҮЙҮҮ ... 63
БҮГҮН НООРУЗ ... 64
ЖАЗ КЕЛДИ ... 65
ЖАЗЫМ КЕЛЧИ БАТЫРААК ... 66
АЯЛ-ЭНЕ ... 67
ЧОҢ ЭНЕМ МЕНИ ЧОҢОЙТКОН ... 68
ЭНЕ МЭЭРИМ ... 70
АЙТКАНЫҢЫЗ КЕЛСИН ... 71
ТҮШҮНДҮМ ... 73
ТУУРА ТҮШҮН ... 74
СҮЙСӨҢ СҮЙҮҮ ТАБЫЛАТ ... 75
АДАШКАН СҮЙҮҮ ... 76
АДАМДАРДЫН ПЕЙИЛИ ... 77
АКЫН КЫЗ АТЫРГҮЛГӨ ... 78
КУШТАР КЕЛДИБИ ... 79
ГРУЗИЯНЫ КӨРГӨМҮН ... 80
КЕЙИБЕЙМИН МЕНИ ЖАМАН ДЕГЕНГЕ ... 82
КЕРЕК БОЛСО ... 84
БАЙЫРЛАГАН ОЙЛОР ... 85
АЙ СЫЙГАЛЧАК ... 86
КИМДЕР СҮЙЛӨЙТ ... 88
АК КАР БЕТИ ... 89
Ч. АЙТМАТОВ-ЖАНГАН ЖЫЛДЫЗ ... 91
ЖАНАТ КУТУҢ ... 93
АКЫН ЖАЗАТ ... 94
СҮЙҮНӨМҮН ... 95
СЕН КИМ ЭЛЕҢ ... 96
ТАҢ АТТЫ ... 98
КӨЛДҮ КӨРДҮМ ... 99
КАЙРА КЕЛБЕЙТ КҮНДӨРҮҢ ... 100
БАЛДАР НЕГЕ СУРАШАТ ... 102
КҮНДӨР ӨТӨТ БИЛИНБЕЙ ... 103
САРАТАНДЫ КАРА ДӨБӨТ БИЛДИРДИ ... 105
КҮН ЖЕБЕСИ ... 107
АЛТЫМЫШ ЖАШ КУРАГЫҢ ... 108
КҮН БАТЫП БАРАТ ... 110
БАРГЫМ КЕЛЕТ ДУБАЙГА ... 111
АКЫНДАР БИЗ БАЙБЫЗ ... 113
БЕРЕКЕЛҮҮ ДАСТАНЫМ ... 114
ЖАЗЫМ, ЖАЗЫМ ... 115
НАФИСА КЫЗЫМ-МАНАСЧЫ ... 116
ДАРЫГЕРИМ ... 118
ОШТУ МЕН ЖАКШЫ КӨРӨМ ... 119
МУГАЛИМДИ ТҮШҮНГӨН ... 120
АКМАТ АГАМ-ТУУГАНЫМ ... 121
УУЛ-КЫЗ БАГАМ ... 122
НООРУЗ КЕЛДИ ... 123

СҮЙҮҮ КҮНҮ ........ 125
ЖАШОО АГЫМ ........ 126
МАРТ АЙЫ ........ 127
МЕКЕНЧИЛ ЖООКЕРЛЕРИМ ........ 128
КАБЫЛ БОЛСУН ОРОЗОҢ ........ 129
КУТТУУ БОЛСУН ОРОЗО АЙТ МАЙРАМЫҢ ........ 130
ЧАТКАЛ ТӨРҮМ ........ 131
ЖАЗЫМ КЕЛДИ ........ 132
УЛУТТУК ТАМАКТАР ........ 133
МЕКЕНИМ – МЕН БӨЛӨНГӨН БЕШИГИМ ........ 135
ӨМҮРҮҢДҮН КАДЫРЫ ........ 136
АЛЫКУЛ АКЫН ........ 137
ЧЫНГЫЗ-АЛПЫ ААЛАМДЫН ........ 139
КЫРГЫЗ ТИЛИМ ........ 140
ТЫНЧТЫК КЕРЕК ........ 141
1-МАЙ ЭМГЕКЧИНИН МАЙРАМЫ ........ 142
АЛА-ТООМ-БИЙИК МАКСАТЫМ ........ 143
ЖАМГЫР, ЖАМГЫР ........ 144
ЧАТКАЛ ДАРЫЯСЫ ........ 145
СҮЙҮҮНҮН КЕРЕМЕТИ ........ 146
ЧОҢ ЭНЕМЕ ЭРКЕЛЕП ........ 147
БАЛАЛЫГЫМ ........ 148
ТООДО ӨСКӨМ ........ 149

**Курманова Атыргүл**

**МЕН ЧАТКАЛДЫН КЫЗЫМЫН**

*Ырлар*

*Редактору* Зуурабү Маметова
*Корректору* Айдыңкан БОСТОНОВА
*Компьютердик калыптоочу* Мырзабек Кадыров

Форматы 60х84 1/16. Офсеттик басуу
Офсеттик кагаз. Көлөмү 9,5 б.т.
Заказ №98. Нускасы 100 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Үсөнбев көчөсү, 149,
Тел.: +996 772 347 028



**Кутманова Атыргүл Тургуналиева** – 1967-жылы Чаткал районунда төрөлгөн.

33 жыл мугалимдик кесипти аркалап жаш жеткинчектерди тарбиялап келет.

«Мыкты мугалим», «Үздук талант» Казакстандын медалынын, «Өнөр ээси», «Көркөм сөз чебери» медалдардын ээси.

Чаткал таланттары-1, Чаткал таланттары-2, «Жаз деми», Альманах китептерге ырлары жарык көргөн.

«Союз талантов Мира» союзуна, «АЛАКА» эл аралык жазуучулар фондунун мүчөсү.

«Мен бактылуу энемин» китебинин автору.

«Мен Чаткалдын кызымын» китебинин автору.

Көптөгөн баалуу сыйлыктардын диплом, грамоталардын ээси жана көптөгөн конкурстардын лауреаты.

